Нуралы АБДЫРАХМАНОВ



# ЖАЗ МЕЗГИЛИ



Нуралы Абдырахманов

# ЖАЗ МЕЗГИЛИ

*Ырлар*



НООКЕН РАЙОНДУК ... БОРДУК
КИТЕПКАНАСЫ
Инв. № 1572

«Турар»
Бишкек – 2012

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
А 13

*Китептин жарыкка чыгышына көмөк көрсөтүшкөн **Г. Абдуллаевага, Т. Аманбаевге, Б. Раимбековага, Д. Кадырбековага, И. Юсупжан уулуна, М. Алпамышевге, Ж. Абдырахмановаларга** терең ыраазычылык билдирем.*

*Автор*

**Абдырахманов Нуралы.**
А 13 **Жаз мезгили:** Ырлар. – Б.: «Турар», 2012. – 132 б.

ISBN 978-9967-15-121-5

Автордун алгачкы ырлар жыйнагы өз Мекенине, эли-жерине, ата-энесине болгон сүйүүсү, урматтоосу чын дилинен чыккан ырларынан айкын көрүнүп, окурманды кайдыгер калтырбайт.

**А 4702300200–12**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-5**

ISBN 978-9967-15-121-5
© Абдырахманов Н., 2012.

## ЖОЛУҢ БАЙСАЛДУУ БОЛСУН!

*Нуралы Абдырахмановдун китеби (кол жазмасы) мен сыйлаган замандашым, жакшы адам Гүлгүнай Өмүрзакова аркылуу колума тийип калды. Бул ысым мурда мага анча тааныш болбогондуктан ырларын күмөнсүү менен окуганымды жашыра албайм. Бирок китепти канчалык арылап окуган сайын кызыгуу пайда боло берди. Акыркы ырын окуп болгон соң өзүн али көрө элек авторго жана анын ырларына абайлоо, сыйлоо сезими жаралды.*

*Чыгармачылыкта алгачкы кадамдар болгонуна карабай, автордун адамгерчилиги, мекенчилдиги, өзү туулган айылы – кичи мекенинен баштап, Ата Журтка айланган чоң махабаты калыптанып, аны коргоого, көздүн карегиндей сактоого үндөгөн ырлары ичти жылытпай койбоду. Саптардагы акыйкаттык, адалдык, туулган жерге, ата-энеге жана өмүрлөш жарга болгон сүйүү, чын пейилден жаралган сезимдер көп экен. Маселен, «Апакеме» деген ырын алалы:*

*Неге мынча эрте бүттүң өмүрдү,*
*Бош калтырып, жайнап турчу төрүмдү.*
*Кирип келсем күтүп алчу өзүң жок,*
*Өзүм үйүм өзүмө суук көрүндү.*

*Мындай саптарда эч кандай бийик пафос жок. Турмуштун, жашоонун өзүндөй жөнөкөй, энеге болгон улуу сүйүү жатат.*

## АЛЛА БАРДЫР

Жашырбай жүрөктөгү сырларыңды,
Жарыкка чыгарчы деп ырларыңды.
Жандүйнөм толкунданып тынчымды алат,
Жалтанбай жаза бер деп ыр сабыңды!

Жаңы эле төрөлгөндөн акын барбы?
Жаңылсам кечирүүгө асыл барбы?
Же кыйып, канатымды кайрып салаар,
Жолумда кара мүртөз бакыл барбы!?

Жаңылсам жаңылууга акым бардыр,
Жыгылсам жөлөп-таяр асыл бардыр.
Жолумда жаңы баскан чала бардыр,
Жаңылбаган жалгыз гана Алла бардыр!

## КЫЗЫЛ ТЫШТУУ КИТЕПКЕ

Кызыл тыштуу бул китепке ыр жаздым,
Кызыгына ыр дүйнөнүн мен баттым.
Калың катмар барагына абайлап,
Жүрөктөгү дил сырларым бек каттым.

Анда менин балалыгым, шаттыгым,
Кумарына канбай калган жаштыгым.
Аруу сезим махабаттын сырларын,
Катып койчу менин сырдуу капчыгым.

Жаздым ага жандүйнөмдүн шоокумун,
Ырга кумар, канбай жүргөн моокумун.
Ачуу-таттуу, ырахаттуу, капалуу –
Татаал турмуш, тагдырлардын толкунун!

# ЖАЗ МЕЗГИЛИ

Жаз мезгили кандай сонун ырахаттуу,
Жагымдуу жыты менен жанга таттуу.
Жашылдан көйнөк кийип Жер эне да,
Жай баракат жатканы бир салабаттуу.

Жапжашыл түскө кирип жалбырактар,
Жаңыдан торолгонсуйт бак-дарактар.
Жаз деми жандүйнөгө кубат берип,
Жаралат жүрөктөрдө махабаттар.

Жанданып, боюн түзөп тоолорум да,
Жашарат токойлор да тоо боорунда.
Жаңырып булбул үнү, түркүн куштун,
Жаз мезгили жашоо берет тоо койнуна!

Жайнаган кызыл-жашыл гүлдөр сары,
Жарашып сулуулардын кылган назы.
Чайыттай ачык болуп көк асманы,
Жыргал ай, жаз мезгилдин аткан таңы.

## КЫРГЫЗ ЖЕРИМ

Ала-Тоо ак-мөңгүлүү, кыргыз жерим,
Ак пейил, ак калпактуу кыргыз элим.
Ааламды миң айланып кыдырса да,
Асылы – адамзаттын жоктур теңиң!

Ала-Тоо Ата Журтум менин жерим,
Ак жүрөк, ак ниеттүү менин элим.
Аска зоо, адырларың, жашыл багың,
Ар убак мага кубат сенин демиң!

Андыктан эмгектенем түрүп жеңим,
Мекеним мен сен үчүн төгүп терим.
Ар бир тал-чырпыктарың ыйык мага,
Ала-Тоо ак мөңгүлүү кыргыз жерим!

## СЫЙМЫКТАНАМ ЖАЗГАНЫМА

Ыр жазып акын болуп калбасам да,
Ыргактап сөз тизмегин таппасам да.
Ыр жазып коюп жүрөм анда-санда,
Илхамым өзү келип калган чакта.

Жандүйнө, жанып турса адамзатта,
Жуурулуп сезимдери адалдыкка.
Оорубай жашамакмын бул өмүрдө,
Ааламдын мен жашаган жалганында.

Ачуу-таттуу сөздөр жанат ыр сабымда,
Аруулук сезим агат ыргагында.
Акылдуу окурманым жүрөгүнө,
Ак айткан сөздөр жетет убагында.

Ыр жазуу менин күткөн мансабым да,
Андыктан акым бардыр мактанууга.
Элиме бир керекке жараар го – деп,
Кээде мен сыймыктанам жазганыма!

## БҮТҮНДҮГҮН КЫРГЫЗ ЭЛИМ САКТАСА

Көк асманды кара булут жаппаса,
Көңүлдөрдө кара кирлер жатпаса.
Ачык болуп асманыбыз ар дайым,
Аба жутсак таңда туруп таптаза.

Бүтүндүгүн кыргыз элим сактаса,
Бирин бири көр оокатка сатпаса.
Көп улуттуу элим жашап ынтымак,
Бир бирине мылтык огун атпаса.

Эр жигиттер эне сүтүн актаса,
Энелердин көздөн жашы акпаса.
Элин, жерин сүйгөн эрен көп болуп,
Мекенинин бейпилдигин сактаса!

## КҮЛКҮҢ ЖЫЛУУ

Жабыркап махабаттын азабынан,
Жарасы жүрөгүмдүн арылбаган.
Жандүйнөм олку-солку толкунданам,
Жолугуп махабатым, бүгүн саган.

Ажарың бир башкача айдан сулуу,
Ардагым каректериң андан сулуу.
Ар бир күн аткан таңдын чолпонундай,
Айкалып сулуулукка күлкүң жылуу.

Алтын кез жаш курагың жоогазындай,
Ак жүзүң таңдын тунук шооласындай.
Аңкыса жыпар жытың жан эриткен,
Жан белең гүлдүн сонун розасындай.

Тиктесем көз канаарбы келбетиңден,
Тиштесем бал тамарбы илебиңден.
Күн эмес, түбөлүккө калаар бекем,
Кармасам коомай аппак билегиңден.

## САГА АРНАЙМ

Алоолонуп жүрөктөгү махабатым,
Ал ансайын күчөп барат таң каламын.
Ар бир убак сен жанымда жүрсөң дале,
Айлап-жылдап көрбөгөнсүп сагынамын.

Сол жагынан төшүмдү керип туруп,
Толтосунан жүрөктү челип туруп.
Сага жаздым бул ырды асыл жарым,
Таңкы тунук шооладан терип туруп.

Толкуп сүйүү дарыясы жүрөк жактан,
Таалайыма ыраазымын сени тапкан.
Тагдырлашым сага арнап бул ырымды,
Тамгалардын алтынын терип жазгам.

## КЫРГЫЗ ТУУСУ

Алоолоном, оттой жанам эл үчүн,
Ала-Тоодой Ата Журтум, жер үчүн.
Ок боломун чекесине атылган,
Кыргызыма жаман айткан кээ үчүн.

Кыргыз – Мекен, мандайыма жазылган,
Бийик дөөлөт – тагдырыма кабылган.
Кара өзгөйлөр, жаман ойдо катылса,
Кылыч болом төбөсүнө чабылган.

Нуру тийген асмандагы жылдыздын,
Мен мекенчил, баласымын кыргыздын.
Эл, жер үчүн желбиресин жыгылбай,
Көкүрөккө кыргыз Туусун тургуздум!

## ЫСЫК-КӨЛ

Ысык-Көлүм, сен көлдөрдүн өктөмү,
Айкалышкан ай-жылдызга көктөгү.
Ажарыңды Ала-Тоого кыналган,
Ынтызар көп бир келүүгө көргөнү.

Көпкө жүрөм, жылда келип жээгиң менен,
Көшүлүшүп, сыр алышып сени менен.
Сен ошондо толкунданып эркелеп,
Үн саласың мен түшүнгөн шоокум менен.

Ысык-Көлүм, океансың чалкыган,
Сырдуу жаткан оюң кенен.
Суу астында балкып жаткан,
Байлык менен боюң терең.

Ысык-Көлүм, сен жергеме жалгыз бүткөн,
Биз сыйынчу, биз мактанчу ыйык белең,
Ысык-Көлүм, сен көркүсүң жеримдин,
Ысык-Көлүм, сен сыймыгы элимдин.
Мактанамын, мактанууга чагым бар,
Ысык-Көлдөй көлүң бар деп кимиңдин!

## АЯЛЗАТЫ

Аялзатын жараттың деп эмнеден,
Ар убак мен сурап келем Теңирден.
Күнү тынбай тириликтин айынан,
Түнү уктабай бала сүйүп эмизген.

Жыпар жыты жанга сүйкүм жагымдуу,
Жандап өтсө жандүйнөңдү эриткен.
Аялзатын жараттың деп эмнеден,
Сурагандан мен Теңирден эрикпейм.

Назиктиги гүлдөй тура,
Ак жүрөгү сүттөй тура.
Аппак жүзү ай мамадай,
Эркелесе жаш баладай
Аялзаты айкөл тура!

## БИР ДАРЫЯБЫЗ ШАР АККАН

Билбегендер билип алсын кебим бар,
Бул дүйнөнүн бейишиндей жерим бар.
Айбатынан душман көрсө сүрдөгөн,
Баатыр Манас урпагы бар, элим бар!

«Маңкурт» десе намыстанам, арданам,
Кыжыр кайнап, ачууланып каарданам.
Өз элетин маңкурт деген акмактар,
Өлбөй тирүү жүргөнүнө таң калам!

Мен бир инсан бул ааламга жаралган,
Эл-жеримдин керегине жараган.
Менин элим, мен өзүм да сен айткан,
Маңкурт эмес, бир дарыябыз шар аккан!

Өз элим бар, Мекеним бар, жерим бар!
Деги кандай башкалардан кемим бар.
Миң мертебе шүгүр айтам Теңирге,
«Кыргыз болуп жаралганга» дегим бар!

## АК СЕЛКИ

Карап коюп ак селки,
Кайгыга салдың бах, селки.
Кайгыртып коюп өзүң жок,
Кабарың барбы ак селки.

Көңүлгө жакын өздөйсүң,
Кыйналса жаным көрбөйсүң.
Кандай бир жансың ак селки,
Кусадар кылып өрттөйсүң.

Карегиңден нур тамган,
Ажарың сонун ак селки.
Каратып туруп кыйнаган,
Амалың сонун ак селки.

Кыя басып кыйнаган,
Кыялың сонун ак селки.
Кыйыла кыйнап ынаган,
Кылыгың сонун ак селки.

2–818

## ЖАҢЫ ЖЫЛ

Жаңы жыл – жакшылыктын жылы болсун,
Жылдардан нечен өткөн тыңы болсун.
Калкымдын ала-тоолук ак калпактуу,
Жашоосу ар жылкыдан мыкты болсун.

Жаңы жыл – эл-журтума ыйман берсин,
Ыр жандуу акындарга илхам берсин.
Жараткан ушул жылы кыргызыма,
Жер азык, жемиштерин нурдан берсин.

Агып турсун мөңгү суусу, булактары,
Жанып турсун ар бир үйдүн чырактары.
Орундалып ой максаты, тилеги,
Аман болсун Манас атам урпактары!

## ӨНҮП ӨССҮН, МЕКЕНИБИЗ ГҮЛДӨСҮН

Эл-жериңди, Мекениңди ойлогун,
Адилеттин жолун бөгөп тоспогун.
Өнүп өссүн, Мекенибиз гүлдөсүн,
Өлкөбүздүн бүтүндүгүн колдогун!

Акчалууну ээрчигенден токтогун,
Ар-намысты бекем кармап коргогун.
Эртеңкисин, урпагыңды ойлосоң,
Элге күйгөн эрендерди колдогун!

Өнүп өсүп, Мекенибиз гүлдөсүн,
Көтөрүлсүн желегибиз түшпөсүн.
Көп улуттуу элибиздин чырагы,
Жанып турсун түбөлүккө өчпөсүн!

## СҮЙҮП ТУРСА

Асман ачык күн жаркырап чыгып турса,
Бутактарын мажүрүм тал ийип турса.
Анча-мынча жылчыгынан күндүн нуру,
Биз олтурсак көлөкөлөп тийип турса.

Анда жаным шайыр мүнөз күлүп турса,
Алкымынан аймаласам сүйүп турса.
Айтпасам да жүрөктөгү сезимдерди,
Акылдуу кыз өзү эле туюп турса.

Жабыркабай жандүйнөм бүтүн турса,
Жалын өчпөй жүрөктөн күйүп турса.
Бүт эркимди берээр элем ошол кызга,
Ал да мени, мен сүйгөнчө сүйүп турса!

## ЖҮРӨК ӨКҮМ

Ыр жаздым, ыргактарын түз түптөдүм,
Шыгымды жандандырып үмүттөрүм.
Ала-Тоо, Ата Журтун, өз элиңди,
Сүйгүлө кыргызым деп үгүттөдүм!

Үшүбөй суук сөзгө көңүлдөрүм,
Үмүттү эртең кимден өчүрбөдүм.
Ак эмгек, акыйкаттын жолу менен,
Көкөлөп, бийик учат көңүлдөрүм!

Алданып, акчалууга көбүрбөдүм,
Аксатып ар-намысты төгүлбөдүм.
Сабырдын арты сооп мусурманга,
Жаманга кайым айтып сөгүнбөдүм!

Мен инсан, айтсам эгер өзүм жөнүм,
Эч убак жерде калбайт, сөзүм төгүн.
Эртеңки кылаар ишим, басаарыма
Көөдөндө согуп турган, жүрөк өкүм!

## ЖАЗ ЖАМГЫРЫ

Себелечи, жаз жамгыры нөшөрлөп,
Билем сенин касиетиң, сырың көп.
Ырыскысы тирүү жандын өзүңдө,
Сен болбосоң күн табында куурайт чөп.

Себелечи, жаз жамгыры жазганбай,
Жамгыры жок билбейм деги, жаз кандай.
Суулар аксын жылгалардан, булактан,
Сайларынан какшып жаткан суу акпай.

Себелечи, жаз жамгыры токтобой,
Сергий түшсүн жаным ооруп, онтобой.
Жашыл кийип, дени жибип, Жер эне
Күүсүн төксүн, көккө атылып боз торгой!

Себелечи, жаз жамгыры нур болуп,
Суу сактагыч дайраларга суу толуп.
Толук кандуу ГЭСтер иштеп, жеринде
Жарык турсун төбөбүздө туу болуп.

Себелечи, жаз жамгыры күттүрбөй,
Үмүттөрдү бул турмуштан өчүрбөй.
Жанып турсун ар бир үйдүн чырагы,
Караңгылык кылымдарга көчүрбөй.

## ДОС КҮТҮҮ

Алдыңда досуң көп болот,
Ат минип, күлүк чапканда.
Айткыча качып жок болот,
Ак дилди кайгы басканда.

Озунуп досуң көп болот,
Ооматың жүрүп турганда.
Оолактап замат жок болот,
Ооматтан кетип турганда.

Таанышкан досуң көп болот,
Табышың күчөп турганда.
Тааныбай качып жок болот,
Тагдырдан жүдөп турганда.

Досторуң өтө көп болот,
Дооруңду сүрүп турганда.
Дайынсыз качып жок болот,
Дарманың куруп турганда.

Айтканда адам сак болот,
Ак дилден досуң аз болот.
Аккандай асыл досторду,
Абайлап күтсөк саз болот.

## МЕН ӨЗҮҢӨ

Суусаганда суусунуңду кандырган,
Мөлтүр булак суусу болуп агылайын.
Сезиминде сүйүү отун жандырган,
Жалын болуп жүрөгүңдө балбылдайын.

Махабаттын маржанынан жасалган,
Мен мойнуңа мончок болуп тагылайын.
Айсыз кара түндө бассаң жолдоруңа
Чырак болуп күндө жаным, жагылайын.

Жан эргитип жаап турган жайдагы,
Жамгыр болуп жамалыңа себелейин.
Жыпар жыттуу сен гүл болсоң майдагы,
Булбул болуп мен өзүңө эркелейин.

## КӨЗҮ НЫМДУУ, ӨЗҮ МУҢДУУ ЭНЕКЕ

*(Маркум Шераалы авамдын элесине)*

Ой-максатың, тилегиңе жеталбай,
Ооруп жаттың, өйдө туруп кеталбай.
Оргуштаган жүрөгүңдө толкуган,
Ырларыңды жазып элге бералбай.

Өору жаман, анын бузук ойлору,
Оо, кургур ай, же кара жер тойбоду.
Он сегиз жаш курагыңда сени алып,
Онтоп энең, туугандарың боздоду.

Кызыл тыштуу дептерчеңе сырды ачып,
Калтырыпсың беттерине ыр жазып.
Көздөрүнүн карегиндей кастарлап,
Койгон экен айкөл эне бек катып.

Аны мага тартуу кылып белекке,
«Азыр, балким, жарайбы – деп – керекке.
Анын жолун бир өзүңсүң улантчу
Абайла» – дейт көзү нымдуу,
Өзү муңдуу энеке!

Сенден калган кызыл тыштуу дептерче,
Болоор бүгүн кызыл тыштуу китепче.
Арбагыңды Шераалы ава урматтап,
Алла ысмын жаздым алгач китепке!

## КОРГОГУН, КЫРГЫЗ ЭЛИМДИ

Ак калпак кийип башыңа,
Карабай кары-жашыңа,
Коргогун кыргыз элимди
Кылычың кармап жаныңа.

Айкөлдүк кылып баарына,
Арам ой өзгө калкыңа.
Акыры чыкты алдыңа,
Азапты салып башыңа.

Кыйылды канча кырчын жаш,
Кан болуп агып көздөн жаш.
Кадырын тээп калкымдын,
Коюшту жолго богөт таш.

Бой калып кыргыз жеңелер,
Боздоду далай энелер.
Бүлүктү салып боору таш,
Бөлүндү бүтүн денелер.

Кан болом дедиң калкыма,
Карабай канкор алыңа.
Койнунда жүрүп кыргыздын,
Куушура тептиң далыга.

Айыбын анын кечеби,
Арманым ичте кетеби.
Кыйылган канча жаш өмүр,
Кайгырсам эми келеби!

## ЖЕТИЛИП,
## ӨСӨ БЕРСИН СЕЗИМДЕРИҢ

Канча катар кылымдарды карыткан,
Кыргыз элим байыркы эл тарыхтан.
Бакай, Манас, учурдагы Чыңгыз бар,
Кыргыз элин бүт ааламга тааныткан.

Канча кыраан, баатырлары өскөн эл,
Канча бийлер, болуштары өткөн эл.
Канын төгүп акыйкаттын таңы үчүн,
Канча кандуу согуштарды көргөн эл.

Жетимиш жыл желпинип, эмгектенип
Жете албаган максатка эми келип.
Жетип турган учуру кыргызымдын,
Жеңип алып укугун Теңир берип.

Жаңы кылым туткасы сенин териң,
Жетилип өсө берсин сезимдериң.
Жандүйнөң жаңыланып бул кылымда,
Желбиресин желегиң Кыргыз элим!

## ЖҮРӨГҮМ ДАЛЕ ЖАШ ТУРАТ

Жаш кезим кетип бакубат,
Чачымды басып ак бубак.
Жар бойлоп жаным калса да,
Жүрөгүм дале жаш турат.

Өмүрдү өткөн күн улап,
Өкүнтөт жолдон көч кулап.
О, дүйнө тартып жатса да,
Жүрөгүм дале жаш турат.

Белимден кетип ал-кубат,
Бир өскөн кайың тал куурап.
Боортоктоп жерди калсам да,
Жүрөгүм дале жаш турат.

Кудайдан турам мен сурап,
Карылык бер – деп бакубат.
Акырет жолун издейин,
Намазым окуп беш убак.

## ТЕҢИР БЕРСЕ

Ай жарыгы түндө бар,
Армансыз жүрөк кимде бар.
Аптабы ысык күндө бар,
Аңкыса жыты гүлдө бар.

Ашыктыктын айынан,
Азабын тартып күйгөн бар.
Айталбай ичте сырларын
Арманга толуп жүргөн бар.

Ак сүйүүнүн баркына,
Жеталбай жатып күлгөн бар.
Арамдыктын кабына
Аңдабай барып түшкөн бар.

Айырмасын байкасак,
Агы менен көгү бар.
Аярлабай бут бассак
Арыкка да чөгүү бар.

Калың токой жанданган,
Жаныбардын түрү бар.
Көксөп гүлүн сайраган
Муңдуу булбул үнү бар.

Көк асманды тиреген,
Кереметтүү тоолор бар.
Каны кайнап чиренген
Кара ниет жоолор бар.

Тирүүлүктө көз менен,
Түркүн түмөн көрүү бар.
Тагдыр менен таймашып,
Талыкпасаң өнүү бар.

Тандап алган жарыңды,
Мандайынан өбүү бар.
Балдарыңдын балдарын
Теңир берсе көрүү бар!

## БЕТИҢДЕГИ СЕПКИЛИҢ

Көздөрүңдүн көктүгүн,
Капкара деп көрчүмүн.
Ак-сары келген жүзүңдү,
Аппагым – деп өпчүмүн.

Беш-бештен чачың өрүлчү,
Белиңден ылдый төгүлчү.
Бетиңдеги сепкилиң
Беш жылдыз болуп көрүнчү.

Бет маңдай көрсөм өзүңдү,
Беш-бешке жаным сөгүлчү.
Бет-жүзүңдөн бир өпсөм,
Бейиштин төрү көрүнчү.

Кыйыгын салып көзүңдү,
Карап бир койчу өзүмдү.
Каңырык түтөп ошондо,
Калчы элем таппай сөзүмдү!

НООКЕН РАЙОНДУК ... КИТЕПКАНАСЫ
Инв. № 1572

## ТАГДЫР

Тагдырдын таразасы учур экен,
Тар жолу бизге берген узун экен.
Талкалап таш жолунда сынап көрүп,
Тагдырдын табышмагы чукур экен.

Тайкы экен тагдырыбыз сени менен,
Туш жакка Теңир өзү сызып берген.
Томсоруп сүйүүм менен сага деген,
Таарынып мен тагдырга кала бергем.

Жаз кезин, жамгыр менен себелеген,
Жат кылып жүрөгүмө ката келем.
Ал кезди бирге жүргөн сени менен,
Жаштыктан элес кылып ала келем!

## МЕЗГИЛ

Мээлүүн шамал согуп аста желбиреп,
Мезгил жытын жайып жылуу жел келет.
Миң бир кыял жүрөктөрдө делгирип,
Махабаттын мөл булагы – жаз келет!

Мезгил күүсү жүрөктөрдө чертилип,
Мага тунук ак сүйүүңдү берчи – дейт.
Менин асыл жаштыгымдан бир элес,
Мезгил алып кеткендигин белгилейт!

Мезгил шашат, оошор кез келди – деп,
Минут кагат убактым жок, койчу – деп.
Мезгил койбой алат тура өнөгүн,
Биз эл үчүн эмне кылдык? – Соңку кеп...

## АТАКЕМ

Эркелеп ата мээрин такыр көрбөй,
Эртелеп маңдайынан сылап өппөй.
Жетимдик күнүн тартып жаш кезиңен,
Жандүйнөң жараланып көңүл өспөй.

Ал күндөр элесинден такыр өчпөй,
Жүрөбү көөдөнүңдү дале өрттөй.
Айла жок Жаратkандын жазганына,
Атакем сен да жүрчү шайыр, көптөй.

Эркелеп мен да сага жүргүм келет,
Ата – деп бек кучактап сүйгүм келет.
Бул өмүр бизге берген кыска тура,
Таң атса, закымдатып күүгүм кирет.

## АПАКЕМ

Апакем, алтыным, асылым,
Ааламда жалгызым, жакыным.
Бапестеп өстүрдүң баланды,
Бактыма берди – деп тагдырым.

Апакем, алтыным, ай нурум,
Сен менин жарыгым, таң нурум.
Ааламда өзүңө теңелер
Табылбас кыдырсам сан кылым.

Апакем, алтыным, дөөлөтүм,
Караңгым жарыткан сен күнүм.
Апакем, алтыным, асылым,
Ар убак сүйлөсөм сен үнүм.

Кайратым, кубатым, сен күчүм,
Кайтпаган чындыктан сен жүзүм.
Өзүңө түбөлүк карызмын,
Апакем, мен жашайм сен үчүн!

## АТА-ЭНЕНИН ТИЛЕГИ

Силер менин ишенген тоо тирегим,
Силер менен күчтүү менин билегим.
Силер менин күн жарыгым, түн айым,
Силер менин эркелерим, медерим.

Силер менин бийик туткан желегим,
Силер менин Кудай берген белегим.
Силер менин урпагымды улантып,
Калаар артта келечегим-тилегим.

Силер үчүн согот менин жүрөгүм,
Силер үчүн бүгүн жашап жүрөмүн.
Эл-жеринин керегине жараган,
Силерден мен улуу инсан күтөмүн!

## БАКЫТ КУШУМ

Ар күнү таң саарлап турайынчы,
Калтырбай намазыма кулайынчы.
Дартына даба бер – деп жубайымдын,
Жалбарып Жараткандан сурайынчы.

Ал менин өмүрлөшүм, жаным сүйгөн,
Бактыма Кудай берип жанга күйгөн.
Тагдырдын татаал жолун ташыркабай,
Өмүрдүн доор күнүн бирге сүргөн.

Жаманга түк жолобой качып өткөн,
Кээде күлүп, кээде туруп жашып өткөн.
Учурда эң бактылуу эне болуп,
Турмуштун бийик белин ашып өткөн.

Ажары айдан сулуу толуп турган,
Жүрөгү мага жылуу согуп турган.
Ал барда үйүм куттуу оңуп турган,
Ал менин бакыт кушум конуп турган.

## ТУМАР БОЛУП

Жылдыздай жанып турган көздөрүң ай,
Бал тамган сүйлөгөндө сөздөрүң ай.
Байке – деп мыйыгыңдан күлүп турган,
Баа жеткис бул ааламда өз жөнүң ай!

Эсимди эки кылып сенделттиң ай,
Керилген ак куу сымал келбетиң ай.
Кечиксең да жанымды отко салып,
Бах, чиркин, басып аста келгениң ай!

Аралап айылыңдан өткөнүм ай,
Аймалап ак жүзүңдөн өпкөнүм ай.
Сагынып, санаа тартып өзүңдү эңсеп,
Өмүрүм дардисарда өткөнүн ай.

Майдалап өрүп алган чачтарың ай,
Карлыгач канатындай каштарың ай.
Аралап махабаттын гүлзарында,
Ардагым, сени менен басканым ай.

Сан кыздан бир өзүңдү сүйгөнүм ай,
Саргайып, санаа тартып жүргөнүм ай.
Сезимде бир башкача ой жандырып,
Жүрөккө тумар болуп бүткөнүң ай!

## НЕГЕ МЫНЧА ТАРЫП КЕТТИ ПЕЙИЛДЕР

Чоң дарбаза ар бир үйгө курулуп,
Тарып кетти адам пейили бузулуп.
Кошуналар бирин бири көралбай,
Оңго баспай, солго кетти бурулуп.

Ак пейилдик адамзатта улуулук,
Жүзүндө эмес, жүрөгүндө сулуулук.
Неге мынча тарып кетти пейилдер,
Кулк-мүнөзү кишилердин бузулуп.

Турам таппай, кудурет сөз айтаарга,
Учуп-конуп ойлордун санаасында.
Адамзат оңдосо деп пейилдерин,
Кайгынын жүрөм көптөн калаасында.

## АЛЛА ЖАЛГЫЗ

Алла жалгыз билем ага шерик жок,
Ал дүйнөнүн бардыгына шегим жок.
Алла парзын аткарбаган пендеге,
Ал дүйнөнүн бейишинен кепил жок.

Ааламды да, асманды да, жерди да,
Жер астында, үстүндөгү кенди да.
Адамзатка акылды да, эсти да
Алла Таалам жалгыз өзү берди да.

Ак мөңгүлүү Ала-Тоону, көктү да,
Жашыл мончок жер бетине чөптү да.
Адамзатка аз өмүрдү, көптү да,
Алла Таалам жалгыз өзү берди да.

Ай жарыгын, сансыз жылдыз түндү да,
Нурун чачып, жаркыраган күндү да.
Ажайып кооз табигатты, гүлдү да,
Алла Таалам жалгыз өзү бүттү да!

## АЧ КӨЗҮҢДҮ!

Оо, Кудай, жүрөгүмдүн ооруганын
Ойлосом кыргызымдын жоруктарын.
Обу жок бир бирине атаандашып,
Ойрондоп өз-өзүнчө оолукканын.

Аялдарды үйдө турбай базарлаган,
Тамандары түт келбей жолдо калган.
Аталардын бала багып үйдө жаткан,
Ар-намысы, абийирлери кайда калган?

Айрымдары бирин бири аймалаган,
Алдуулары алсыздарын жалмалаган.
Акыйкаттын алы кетип алсыраган,
Ач көздөрдүн күнү келип канчалаган.

Улуулардын урмат-сыйын көрбөй калдык,
Улгайгандын жүгүн колдон албай калдык.
Умтулгандын жолун тороп уулаганды,
Ушул кезде кыргыздарым ойлоп таптык.

Ак шооладан көйнөк кийип кыздарың,
Ак жоолугун баштарына салбай калды.
Аруу сезим махабаттын сырларын,
Айтып кыздар гүлзарларда баспай калды.

Акыл сөзүн аталардан укпай калдык,
Асылдыгын апалардын туйбай калдык.
Ач көзүңдү!
Баатыр Манас урпактары,
Арбактарын биз алардын туйлатпайлык!

## ЖЫЛДЫЗДАРДАЙ

Мен сени сүйгөнүмдөн ушунчалык,
Тил менен айталбасмын дилимчалык.
Айыңдан азап тартып жүрсөм жанып,
Сен деги бир койбодуң көңүл салып.

Ыйладым махабаттан үмүт соолуп,
Ыр жаздым ал жөнүндө жүрөк толуп.
Ышкыңдан азап тартып азып-тозуп,
Мен калдым ичте арманым, бугум толуп.

Аздектеп сага арнаган гүлүм болуп,
Ал сүйүүм – сүйүүлөрдөн ыйык болуп.
Мейличи, кала берсин тээ көктөгү,
Кол жетпеген жылдыздардай бийик болуп.

## АЙКӨЛДҮК – КЫРГЫЗ СИМВОЛУ

Өлбөйт деп адамзатын ким айталат,
Өлгөн соң ал дүйнөдөн ким кайталат.
Өорутпай көңүлдөрдү жүрөлүчү,
Өлүм ак ар бир жанга, атаганат!

Өткөргөн ар бир күндү ойлойлучу,
Өткөрүп аны текке койбойлучу.
Өзөктү өз өрттөгөн жаман адат,
Кара өзгөйлүк кашайгырды жоёлучу?

Айкөлдүк – кыргыздарга бүткөн адат,
Ай-жылдап кылымдарга түткөн адат.
Ак пейил, ак көңүлдүк түбөлүккө,
Ал кыргыз символу деп күткөн адат!

## КАЙРЫЛЫП КОЙСОҢ БОЛБОЙБУ

Акактай болгон аппак жүз,
Ашыксам сага оюм түз.
Айтылбай ичте сырларым,
Арманым толуп сабыр сүз.

Айсыз кара түн болот,
Аялсыз өмүр күл болот.
Айтпасам кайдан билмексиң,
Ашыгып жүрөк толгонот.

Аптабы ысык күн болот,
Аялдар назик гүл болот.
Аярлап аны турбаса,
Алыска барбай гүл солот.

Айлуу түн бүгүн келейин,
Арманым айтып берейин.
Ашыкса жүрөк не айып,
Айыпсыз жанып кетпейин.

Ай нурунан бүткөнбү,
Же жылдызбы көктөгү.
Арманым айтсам түгөөрбү,
Жанымды түгөл өрттөдү.

Жазгы жыпар гүлгө окшойт,
Жайкы жылуу күнгө окшойт.
Жеталбай калсам ага мен,
Жашоодон күнүм бүттү окшойт.

Айтканда жаным оңобу,
Айтпасам арман болобу.
Ашыгым сага жетпесем,
Акырын жаным солобу.

Күнөөкөр көзду оёобу?
Кара жер алсам тоёбу?
Кайгыга салбай кара көз,
Кайрылып койсоң болбойбу.

## АШУУНУ ӨТКӨН САГЫНАМ

Айламды алды заманам,
Алдуулар баарын жалмаган.
Алышты бузуп бардыгын
Аталар жылдап кураган.

Айламды алды заманам,
Ар-намыс, абийир калбаган.
Аксакалы баш болуп,
Саламга алик албаган.

Айламды алды заманам,
Атага бала бакпаган.
Акчага сатып денесин,
Абийирин төккөн кыз балаң.

Айламды алды заманам,
Арманым кимге жарылам.
Асыл кез эле абыдан,
Ашууну өткөн сагынам!

## ӨМҮР

Өмүр бул өтөт түрбайбы,
Тең жүрүп шаттык, муң кайгы.
Үлгүрбөй кыска өмүрдө,
Адамда чексиз муң калды.

Айла жок Теңир жазганга,
Көрөрбүз жазса маңдайга.
Ырыскың эгер түгөнсө,
Кошоорго ага барбы айла.

Кырчындай өмүр жаш кайда,
Кайгырган менен жок пайда.
Жалганда өмүр түгөнсө,
Бараарбыз ошол чын жайга.

Өмүрдү берген Кудай да,
Кыска деп такыр муңайба.
Тообоңду айтып күнү-түн,
Намазың оку, бул пайда!

## АРДАГЫМ

Сага деген менин сүйүүм башкача,
Сереп салбай келем такыр башкага.
Суранамын кара көзүм, ардагым,
Сунган колум албай кагып таштаба.

Сага деген менин сүйүүм таптаза,
Арнап аны бүгүн  турам мен сага.
Суранамын кара көзүм, ардагым,
Сезимимди жүрөктөгү таптаба.

Өмүр чиркин кетсе кайра кайтпаса,
Эки жүрөк бирин бири таппаса,
Суранамын кара көзүм, ардагым,
Не болоорун өзүң деле байка да!

## ЫР ЖАЗАМЫН

Колумда калем сабым, ак барагым,
Кээде күн, кээде түндө ыр жазамын.
Кыйнаган тынчымды алып ушул менин,
Көп эмес, бир азыраак бар илхамым.

Колумда курч калемим, ак кагазым,
Кээде түн, кээде таңда ыр жазамын.
Кыялдын кемесине түшүп алып,
Кызыктуу ыр дүйнөгө жол ачамын.

Колумда калем сабым, бар барагым,
Кээде чын, кээде кошуп ыр жазамын.
Кызыктуу кыялым бар түшүнбөгөн,
Кээде жок, кээде туруп шыр жазамын.

Колумда курч калемим, ак барагым,
Кээде жай, кээде толкуп ыр жазамын.
Акыйкат, адалдыктын жолу менен
Кээде тынч, кээде туруп чыр жазамын.

## СҮЙБӨСӨҢ ДА БААЛАГЫН

Сүйбөдүм деп айтпагын,
Сүйгөнүңдү чанбагын.
Сүйүүнүн тунук суусуна,
Канбай калган чаңкагым.

Күйбөдүм деп айтпагын,
Күйгөнүңдү танбагын.
Күйүтүнөн сүйүүнүн,
Кул болуп жүрөм ардагым.

Билбедим деп айтпагын,
Билгениңден кайтпадың.
Бул сүйүүнүн айынан,
Боздогондор көп чагым.

Көрбөдүм деп айтпагын,
Көргөнүңдү байкагын.
Көңүлүңө түйүп жүр,
Күйгөндөрдү ардагым.

Бул сүйүүнүн азабын,
Тарттым канча ардагым.
Сүйгөндөрдү өзүңдү,
Сүйбөсөң да баалагын!

## САРЫ-ЧЕЛЕК

*(Обон үчүн)*

Аска-зоо адырларың көктү тиреп,
Айланаң калың токой, кайың, терек.
Ансайын көркөмүңө көркүн кошуп,
Арчалар түптүз өскөн боюн керет.

*Кайырма:*

Ала-Тоо, адырларың,
Айкөл эл байырладың,
Ар бир тал-чырпыктарың,
Аздектеп кадырладык!

Аралап аркар, кулжа тоолорунда,
Ар түркүн куштар сайрайт тоо боорунда.
Айрыкча ар бир жанды суктандырган,
Андагы табигатың бир сонун да.

*Кайырма:*

Арашан тоолоруң зор, төрүң кенен,
Атактуу Тоскоол-Ата көлүң терең.
Атайын энчи белең... Сары-Челек
Айкөл эл – Кыргызыма Кудай берген.

*Кайырма:*

## БИР ӨЗҮҢӨ

*(Абдуллаева Гүлгүнай Өмүрзаковнага)*

Байладың тобокелге өз башыңды,
«Бала» – деп алтын курак жаш чагыңды.
Бапестеп алпештедиң, билим бердиң,
Сен издеп балдарыңдан өз багыңды.

Жамандык эч бир жанга каалабаган,
Жалпыга жакшылыкты ыраа кылган.
Тагдырдын ачуу-таттуу күнүн көрүп,
Сабырың тоодой бийик наалыбаган.

Улуулук, аялзаттык касиетиң,
Сезилет көздөрүңдөн нурлар жанган.
Чынчылдык, намыс жана ариетиң,
Кыргыздык рухуңду тоодон алган.

Алтындап тамгаларын жазсам дагы,
Сүрөтүң жылдыз менен тартсам дагы.
Салмагы – Гүлгүнай эже бир өзүңө,
Жеталбас ырларымдын билем аны!

Таап алып, каткан жерден ырларымды,
Ачыкка чыгарган сен сырларымды.
Эл билсин, эл окусун тартынба – деп,
Бетин ачкан сен болдуң ырларымдын!

## АКЫЛ МЕНЕН, ЭС МЕНЕН

Ой төлгодум өзүм жалгыз калганда,
Ой бузулбас жымжырттыкта жатканда.
Тирүүлүктүн түйшүгү көп түгөнгүс,
Татаал тура тирүүлүгүң жалганда.

Бири туура, бири кыйыр турбайбы,
Бир эгиздей шаттык менен муң-кайгы.
Кээде адамга берсе тагдыр жыргалды,
Кээде чабат тапкан кезде ыңгайды.

Тагдыр дагы ак-караны ылгайбы,
Жамандарга жакшылыкты кыйбайбы.
Алыс жүрүп жамандардан чакырым,
Жакшыларга жанашканды сыйлайбы.

Ар бир киши таза таалим албайбы,
Акыл-эсин таразага салбайбы.
Баарын жасап акыл менен, эс менен
Өз тагдырын өзү гана курбайбы,
Аз өмүрдүн жыргалына батпайбы!

## КАНАТ КҮҮЛӨП

Сен ай болсоң түн жарыткан көктөгү,
Мен нуруңмун менсиз кайда көркөмүң.
Сага деген менин сүйүүм өлчөмүн
Тереӊ чыгаар сүйүүсүнөн өзгөнүн.

Сен гүл болсоң бийик өскөн аскада,
Мен булбулуң сенден учкан талпына.
Канат күүлөп, учуп сага жетээрмин,
Бет алдымда канча жолтоо жатса да!

## ТОЛТУРБАЙТ БЕЛЕҢ КӨҢҮЛДҮ

Айга теңеп өзүңдү,
Нуру дечүүм өзүмдү.
Ай менен нур кошулуп,
Өткөрбөйт белек өмүрдү.

Айды нурдан жат кылбай,
Коштурбайт белең өмүрдү.
Бөксө бойдон калтырбай,
Толтурбайт белең көңүлдү.

Акыл менен калчап көр,
Айтканым же төгүнбү?
Ашыктыктын айынан,
Же күйгөнгө өлүмбү?

## АЛМАШПАЙМЫН

Алмашпаймын мен Мекенди эч жерге,
Акым да жок андан алыс кеткенге.
Азганда да, толгондо да биргемин,
Ал дүйнөгө өмүр түгөп кеткенче.

Америка, мейли болсун Россия,
Ала-Тоодой Мекениме жетеби!
Асман менен жер ортосу канчалык,
Дал ошончо бийик менин Мекенимдин ченеми!

Ар бир кыргыз абайлагын жеримди,
Ак калпактуу айкөл кыргыз элимди.
Чечкиндүү бол, эмгектенгин эл үчүн,
Четке коюп, өз көмөчүң, кеминди!

## СЕНИ МЕНЕН

Таңкы тунук ак шооланы бүгүнкү,
Жаздын жарык нурун чачкан күнүмдү.
Өзүң гүлсүң гүл ордуна соолугус,
Тартуу кылам жаным сага сүйүүмдү.

Ырдаганда кубулжуган үнүңдү,
Кубанганда куп жарашкан күлкүңдү.
Арнап сага ушул ырым жазылды,
Санаа тартып сагынгандан өзүңдү.

Жанып турган, сен чырагы үйүмдүн,
Мөл булагы жүрөктөгү сүйүүмдүн.
Сен ооруба, жанымда бол түбөлүк,
Сени менен жашоом кызык бүгүнкү.

## НЕБЕРЕМ БЕГЗАТКА

«Таята» – деп кирип келсе небере,
Шашам таппай эч нерсени берерге.
Оо, Кудай ай, шүгүр айтам өзүңө,
Неберем бар сагынганда көрөргө.

«Таэне» – деп алгач ирет айтканда,
Таэнесин бою жетти асманга.
Сагынганы чексиз анын окшойбу,
Неберем дейт таң аткандан батканга.

Өзүм эккен өрүгүмдүн данеги,
Жанып турат балбылдаган кареги.
Сагынычым ага деген чогулган,
Жок көрүнөт таркарынан дареги!

## КЫЗЫМ ГҮЛСҮНАЙГА

Эрке кызым бар менин,
Сулуулукта ай теңи.
Эркелесе жан эргийт,
Жылуулукта күн теңи.

Эрке кызым бар менин,
Ата-энесинин эрмеги.
Айдай жүзү туптунук,
Тунуктукта суу теңи.

Эрке кызым бар менин,
Эсен жүргүн сен деги.
Бактың, жолуң ачылсын,
Ата-энеңдин тилеги.

## КӨҢҮЛҮМДҮН КАНЫШАСЫ

Карагаттай көздөрүңдү абыдан,
Көргүм келип кайра-кайра ашыгам.
Канышасы көңүлүмдүн сен элең,
Көрбөй калсам куса болуп сагынган.

Жандүйнөмө жылуулукту тамызган,
Жылдыз элең жүрөгүмө тагылган.
Жыргалы элең жарык кылган өмүрдү,
Жалын болуп сезимдерде жагылган.

Жатка кетип, жоолугуңду булгалап,
Жабыркаттың жандүйнөмдү кыз бурак.
Жалгыздыктын жүгүн тартып жазыксыз,
Жан кыйналып, жүрөк ыйлайт буркурап...

## СЕНСИҢ МЕНИН ЖАЛГЫЗ СҮЙҮҮМ

Өрүк гүлдөп  ачылганда,
Оргуп жыты чачылганда.
Өмүр гүлүм өзүң келчи,
Күтөм сени өрүкзарда.

Гүлдөр жайнап ачылганда,
Гүлүн жүрөк сагынганда.
Гүлүм келчи зарыктырбай,
Күтөм сени гүлзарларда.

Алма гүлдөп ачылганда,
Аппак жыты чачылганда.
Алма гүлүм келчи кайра,
Күтөм сени алма бакта.

Алма гүлүм, өрүк гүлүм,
Арман менен өтпөс күнүм.
Айтпасам да сезсең боло,
Сенсиң менин жалгыз сүйүүм!

## АРАКЕЧ КЫЛЫП АЛБАЙЛЫ

Адамзатка керектүү,
Алгачкысы токтоолук,
Адеп-ахлак, ыймандуу,
Болуу менен ден соолук.

Арактан жазам бул ырды,
Айтпасам болбос кургурду.
Аракеч кылып албайлы,
Алтындай болгон кыргызды.

Эбин таап айтпасам,
Эпсиз кандай кыргызмын.
Ээсин табат айткандар,
Ээликпе жалпы кыргызым.

Бөтөлкөдө туптунук,
Мүрөк суудай көрүнөт.
Ичине кирсе кулпуруп,
Ириңдеп барып көбүрөт.

Иттей кылып өзүңдү,
Ырылдатып үрдүрөт.
Ирээти жок сөзүңдү,
Ар кимди бир сөктүрөт.

Аңтара салып көзүңдү,
Аңга тыгат өзүңдү.
Асыласың ар кимге,
Аңдабай айткан сөзүңдү.

Тайтаңдатып мас кылып,
Төрт бут менен бастырат.
Таанышыңды жат кылып,
Таарынтып досту кас кылат.

Төрт күн жуубай бетиңди,
Тер жыттантат этиңди.
Тыткылап иттер кепинди,
Таанибайт көргөн кейпиңди.

Жароокер жарың үйүңдө,
Жай албай жаңы күтүүдө.
Жаралбай жаның куруп кал,
Жөн келбейсиң бир күнгө.

Арак деген балбанды,
Адамзат жеңе алганбы.
Абийир менен ыйманды,
Арактан бирөө тапканбы!

Кайтпадым койгон пикирден,
Айтканым жүрөк дилимден.
Калса экен жаман илдеттер,
Асылым кыргыз элимден!

## АДАМСӨРӨЙ

Айланып адалдыктан четтеп өткөн,
Акча үчүн эч ылгабай четтен өпкөн.
Арада адам сөрөй макулук көп,
Арамдан акча таап желип көпкөн.

Өз элин бир бирине чабыштырган,
Өз элден өзгөлөрдү жакын туйган.
Арада адам сөрөй макулук көп,
Акча менен абийирин алыштырган.

Ар убак мансап үчүн чебеленген,
Абийирин бийлик үчүн тебелеткен.
Арада адам сөрөй макулук көп,
Акыл жок топтолушкан кеңкелестен.

Козголуп бабалардын арбактары,
Кар төгүп турса керек кабактары.
Кай жолдон бара жатат кыргызым – деп,
Кыйналып жатса керек алар дагы!

## ЭСТЕП ЖҮР

Ооруп бир келдим эле бүткүл денем,
Айыгып кетем деген үмүт менен.
А бирок ооруп калдым кайра терең,
Айыккыс оору менен СҮЙҮҮ деген!

Ошентип, үйгө кайра бүгүн кетем,
Айталбай ичке сырым түйүп кетем.
Өзүң гүл, гүл ордуна ушул ырды,
Эстеп жүр, эстеликке сунуп кетем.

Бул ырым башкаларга арналбасын,
Айрылып ара жолдо же калбасын.
Нукеңден элес болуп бир озүңө,
Саптары жүрөгүңдө бек сакталсын!

Бул ырым башкаларга окулбасын,
Ар кандай ушак сөздөр токулбасын.
Аман бол, айыкпаган кайып сүйүүм,
Билемин кайра сага жолукпасым...

5–818

## ДАТКАЙЫМ

Ашыкмын жаным өзүңө,
Капкара эки көзүңө.
Эриткен жүрөк-жүлүндү,
Даткайым балдай сөзүңө.

Денемде аккан канымсың,
Делгирткен абдан жанымсың.
Келишкен сулуу Даткайым,
Көктөгү жанган айымсың.

Айрыкча жагат күлгөнүң,
Такылдап басып жүргөнүң.
Кулакка сүйкүм, жагымдуу,
Даткайым сенин үндөрүң.

Жанаша басып жүрбөдүм,
Каткырып бирге күлбөдүм.
Даткайым сүйүп өзүңдү,
Өзгөгө такыр көнбөдүм.

Сүйүүнүн тартып азабын,
Санаада жүрөт бир жаным.
Суйкайган сулуу Даткайым,
Сунамын колду ал, жаным.

Асманда жылдыз, сен айым,
Агаң бир ашык, бил дайым.
Арнаган аппак сүйүүмдү,
Ардактап жүргүн Даткайым.

## ӨМҮР КЕМЕСИ

Соолутат сонун жаш кезди,
Сааттын согуп жебеси,
Саамга артка кылчайбай,
Сыбызгыйт өмүр кемеси.

Асманды тиреп ким турат,
Алыстап жаштык кылгырат.
Айтканда бир аз күтмөкпү,
Алгалайт өмүр – аргымак.

Алыстап өмүр жаш курак,
Аралайт чачты ак бубак.
Айтпасам өзүң билбейсиң,
Асылы жандын кыз бурак.

Өмүрүң өтсө кайрылып,
Өкүнсөң келбейт айчылык.
Өкүттө калбай кыла жүр,
Өмүрүң барда жакшылык.

## ҮМҮТ – ЧЫРАК

Кайгы жок, каткырыкты салып коюп,
Үстүм бүт эгер жүрсөм кардым тоюп.
Жазмакмын мен ар дайым шаттык ырын,
Жандүйнөм жанып турса жалын болуп.

А бирок тагдыр деген табышмактуу,
Бир жүрөт шаттык менен кайгы тартуу.
Келжиреп кээ бирөөлөр тентип жүрсө,
Ой сүрөт окумуштуу асыл баштуу.

Бул турмуш өйдө-ылдый солкуп турат,
Кээде тынч, кээде көлдөй толкуп турат.
Кантсе да жакшылыкка үмүт чырак,
Көөдөндө калыптанып күйүп турат!

## АТА-ЭНЕНИН САГЫНЫЧЫ

Сагынып садагалар биз силерди,
Сабыр кетип, куса басты сезимдерди.
Салкын учуп самолёт да өчөшкөнсүп,
Санаалар санга кетти келгичекти.

Кеңдик жок көңүлдөрдү чанып кетти,
Кең аалам алдыбызда тарып кетти.
Кантсе да сагынычтар өзүңөргө,
Көломүнөн деңиздердин артып кетти.

Кыялым нечен кырдан ашып кетти,
Кыйналдым, сагынычтан алым кетти.
Оюмда, садагалар, бир өзүңөр,
Оорум да убактылуу алыс кетти.

## БАЛДАРЫМА ТАМАША ЫР

Айдай сулуу кыздарым,
Абдан ширин балдарым.
Караңгыны жарыткан,
Чырактарым, шамдарым.

Коён көздүү кыздарым,
Карадан ак балдарым.
Кантсе дагы сүйкүмдүү,
Кандан бүткөн жандарым.

Узун, сулуу кызым бар,
Азизкан деген аты бар.
Уйкусунан козгосоң,
Кең аалам да ага тар.

Жеңишбек деген уулум бар,
Жанып турган көзү бар.
Жанга жакын сүйкүмдүү,
Жай-жайында сөзү бар.

Мыкы баатыр уулум бар,
Мүрөктөй тунук өңү бар.
Бир кыялдуу-акылдуу,
Бирок кайсар жөнү бар.

Гүлсүнай деген гүлүм бар,
Гүл гана эмес күнүм ал.
Ай-ааламды кыдырса,
Андай сулуу жок чыгар,
Билбегендер билип ал!

## АТА-ЭНЕ

Биздин кубат-күчүбүз да ата-эне,
Биздин шаңдуу үнүбүз да ата-эне.
Мээрин төгүп мемиреткен, балкыткан,
Биздин жылуу күнүбүз да ата-эне.

Жазда жыпар үлүбүз да ата-эне,
Жайда сулуу түнүбүз да ата-эне.
Акыйкатка, адалдыкка үйрөткөн,
Биздин жарык жүзүбүз да ата-эне.

Алар такыр өлбөс болсо кана эле,
Каректери өчпөс болсо кана эле.
Балкыйт элем мээримине бой таштап,
Балам десе баштан сылап дагы деле.

Айла канча биз тагдырга көнөбүз,
Өмүр бүтүп, биз да бир күн өтөбүз.
Калаар артта урпактарды улантып,
Келечектин ээлерине көчөбүз!

## ЫРЛАР КАЛДЫ

*(Маркум атам Эралы менен апам Лайликанга)*

Силер баскан алыс сапар жол калды,
Силер жаткан үй да боздоп бош калды.
Күндө бир маал карап коём телмирип,
Тээ бактагы сиздер тиккен кош талды.

Силер барда сыйлай албай жүдөттүк,
Өмүрүнө өмүр кошпой түгөттүк.
Кечирип кой балдарыңды, ата-энем,
Эми кантип катабызды түзөттүк?

Ачылбай ичте арман, сырлар калды,
Айтылбай кайгы-муңдар,чырлар калды.
Жазылып ушул актай барагыма,
Көз жашыман төгүлүп ырлар калды.

## АПАКЕМ

Балдарыңдын медери
Өзүң элең, апакем.
Баарынан да ишенген
Көзүм элең, апакем.
Сүйлөгөндө так айткан
Сөзүм элең, апакем.

Кыйналганда кубатым,
Күчүм элең, апакем.
Акыйкаттан кайтпаган
Жүзүм элең, апакем.
Жалынына жылынган
Күнүм элең, апакем.

Караңгыны жарыткан
Айым элең, апакем.
Бар дөөлөтүм барлыгым,
Байым элең, апакем.
Эркелетсең балам – деп,
Балкыйт элең, апакем.

Урушканда күдүңдөп,
Наалыйт элең, апакем.
Кадырыңа жетпедим,
Жаштык экен, апакем.

Эми жоксуң өзүңдү
Сагынып келем, апакем.
Мен тагдырга түбөлүк
Таарынып келем, апакем!

## АРСЛАНБАБ

Арсланбаб – ыйык жерим элим сүйгөн,
Атайын кыргызыма Теңир бүткөн.
Аска-зоо, адырларын, жашыл багын,
Бейиштин төрү беле элим жүргөн.

Ак кайың, арчаларың, жаңгак гүлүн,
Көк-жашыл, эгем берген, дарак түрүн.
Карачы кандай сонун, кандай сүйкүм,
Көркүнө мен суктанып турам бүгүн!

Жапжашыл, жаратылыш бир башкача,
Жутканың дартка дабаа, аба таза.
Жүдөтпөй Жер энемди, асыл жерди,
Жумурай калкым ушул, абайласа!

## АЛА-ТОО – КЫРГЫЗ МЕКЕНИМ

Акындар жазат ырларын,
Арманын, ичте сырларын.
Көп кырдуу, татаал турмуштун,
Кубаныч, кайгы, кырларын.

Ала-Тоо кыргыз жер Мекен,
Айкөл эл кыргыз жердеген.
Өрүшү келип оңунан,
Өркүндөп, өнүп өссө экен!

Азайбай улам көбөйүп,
Арада барат дин бузар.
Өзгөлөр калып, өз өлүп,
Азайып барат кыргыздар!

Акыл-эс үшүн жыялбай,
Кекиртек күчүн тыялбай.
Кыргызда жүрөт көйрөңдөр,
Касиет жерге сыя албай.

Өрттөнгөн учкун үйлөсө,
Өзөккө жеткен сүйлөсө.
Ак сакалы жайнаган,
Белине курун байлаган.
Аталар чыгып үндөсө,
Ала-Тоо – кыргыз Мекеним
Эртеңи жайнап гүлдөсө!

## АЛ СУЛУУ ӨЗҮ КИМ ДЕГИ?

Булактан жылжып суу келет,
Буралып сулуу кыз келет.
Айтарга сөзүн табалбай,
Ашыктар нечен сенделет!

Калем менен чийгендей,
Карлыгач кара каштары.
Ийик менен ийгендей,
Беш-бештен өргөн чачтары.

Келбетине жарашкан,
Күмүштөн салган билерик.
Илебине кынашсаң,
Тил эмес жаның бүт эрип!..

Басыгы сонун кебелбей,
Боздосо жигит кенебей.
Күлгөндө тиши жарк эткен,
Тизилген акак, берметтей.

Ак шайы көйнөк кийгени,
Ак маржан мончок тизмеги.
Арбаган жанды бир көргөн,
Ал сулуу өзү ким деги?!

Алтындан таккан сөйкөсү,
Ал сулуу экен өзгөчө.
Алкымдан ала өпсөмбү,
Арманым ичте өткөнчө?!

## БАЛАЛЫКТЫН СОНУН ЭЛЕ ДЕМДЕРИ

Балалыктын кандай сонун кездери,
Балкып жүрөк бирге ойногон кечтери.
Бойлор өсүп, жүрөк абдан дегдеген,
Башталган кез алгач сүйүү демдери.

Боюн керип, чачын сылап тарашкан,
Бир-биринен сулууларды талашкан.
Бозой элек кечөө эле карасак,
Балалыктын дүйнөсүнө жарашкан.

Кол жетпеген көк асмандан талашып,
Сен жылдызды, мен айды деп тандашып.
Же тагдырды агымынан бурбадык,
Же космонавт-учкуч болуп калбадык.

Балалыктын кандай сонун кездери,
Балкып жүрөк, бирге ойногон кечтери.
Кумарына канбай калган андагы,
Балалыктын сонун эле демдери.

## АСЫЛ ЖАРЫМ

Бир өзүңдөн мен башкасын билбедим,
Жүрөк сырын мен башкага чечпедим.
Төркүнүңдө сен жүргөндө төрт күндөп.
Асыл жарым сени күттүм, дегдедим!

Мен бир булбул ашык болгон гүлүнө,
Таңшыйт үнүм, таңда туруп күнүгө.
Сабыр кетти сагынычтан кантейин,
Санааларды бөлүштүрдүм түнүмө.

Керек болсо чоң Токтогул көлүнө,
Алым жетээр мен сен үчүн чөгүүгө.
Бирок келсең, ак жүзүңдөн аймалап,
Даяр элем асыл жарым өбүүгө.

Кусалыктан асыл жарым өзүңө,
Кең аалам да тар көрүнду көзүмө.
Мен алыска жөнөтпөйм деп өзүңдү,
Мындан ары сөз бердим мен өзүмө.

## АЙТЫП ЖҮРӨМ

Түйшүгүн тирүүлүктүн тартып жүрөм,
Түрмөгүн чиеленген жазып жүрөм.
Тагдырдын толкунунда томолонуп,
Булактан бир тамчыдай агып жүрөм.

Талпынып, улам алга багыт сүрөм,
Кагылып, кээде чалкып басып жүрөм.
Жанашып жакшыларга жолдош болуп,
Жамандан бир чакырым качып жүрөм.

Жамандык көрсөм кээде жашып жүрөм,
Кээде муң, кээде шаңдуу шашып жүрөм.
Ынтымак ырыскынын алды го – деп,
Калкыма калыс сөзүм айтып жүрөм.

Тилимди тиштериме байлап жүрөм,
Ар ишти арабызда байкап жүрөм.
Эске кел сугалактар, Кудайдан корк,
Араандай алкымыңа салып жүгөн!

## АБАЙЛА КЫРГЫЗ, АБАЙЛА

Айталбай оюм, пикирди,
Жандүйнөм нечен тилинди.
Бейкуттук кетип элимден,
Жүдөдү чексиз ким билди.

Ооруткан таза дилимди,
Оо, кургур айтам киминди.
Мансаптын болуп курманы,
Чабышкан бириң бириңди.

Экиге бөлүп элимди,
Ала-Тоо куттуу жеримди.
Бейкүнөө, айкөл элимден,
Албачы ач көз кегиңди.

Ыйманга чайып жүзүңдү,
Ырааттап алып дилиңди.
Жалбаргын жалгыз Кудайга,
Кетир – деп ичтен кириңди.

Ала-Тоо кыргыз жеримди,
Ак калпак кыргыз элимди.
Абайла кыргыз, абайла
Кан Манас ата-тегиңди!

## АЯБАДЫК

Бир кездеги бирге жүргөн күн өттү,
Бак аралап баскан айлуу түн өттү.
Биз жыттаган гүл ордуна кайрадан,
Буркураган жыпар жыттуу гүл өстү.

Мерез мезгил токтободу, күн өттү,
Баалабадык баасы кымбат мүнөттү.
Кара чачты ак күмүштөр аралап,
Бырыш басып алсыз дене жүдөттү.

Аябадык жаштык чакты, жүрөктү,
Баатыр – намыс кызуу салып күрөштү.
Бүгүн мына олтурабыз суктанып,
Балалыктан калган эски сүрөттү.

## АЛАКАН ЖАЙСАМ АЛБАЙСЫҢ

Аткан бир сулуу таңдайсың,
Ажарың төлгон айдасың.
Ашыкмын чексиз өзүңө,
Ардагым качан аңдайсың?

Атың бир сонун Айдайсың,
Айылдап барсам кандайсың.
Ашыкмын эки көзүңө,
Асылым качан байкайсың?

Ийилген мажүрүм талдайсың,
Илебиң таттуу балдайсың.
Ичигип жүрөм өзүңө
Имерилип, качан байкайсың?

Ашыктан, ашык тандайсың,
Ашыгым өзүң кандайсың?
Ак сүйүүм арнап өзүңө,
Алакан жайсам албайсың!

## КЫЯЛ

Сүйүүнүн түркүн жомогу,
Сүрөттөй тарткан оймогу.
Суктантат жанды сулуунун,
Сүрүнгөн илеп боёгу.

Акырын барсам болобу,
Акылын алсам оңобу.
Ачкычын таап көңүлүн,
Ал күнү калсам болобу.

Ал күнү болсом коногу,
Арманым ичте сонобу.
Азабын тарткан сүйүүнүн,
Ал жаным бир аз оңобу?

Кыялдын алып калагын,
Көлүңдө сүзүп барамын.
Кыйнаган ушул сулуунун,
Көңүлүн качан табамын.

Ай жарыгы батканча,
Таң жарышып атканча.
Уктабай көздөр кызарып,
Убара болсом болобу.
Унутпас ушул түн болуп,
Кумарга толсом болобу!?

## ДИРЕКТОР КЫЗ

*(Нургүл Абдуллаевага)*

Директор болуп шайланып,
Ишине бекем байланып.
Ак дилден иштеп жүрөсүң,
Заводду нечен айланып.

Чогултуп завод жамаатын,
Жумушту четтен сурайсың.
Талапты коюп темирдей,
Заводдо жалгыз кудайсың.

Баркына жетпей орустар,
Былжырап айткан ою бар.
Акырын байкап мен көрсөм,
Алардын барар жолу тар.

Өзүң бир сулуу айдайсың,
Чыныга куйган майдайсың.
Каарыңа туш келгенди
Жарасын туздап жайлайсың.

Өзүң бир сулуу секелек
Балалык жашың кетелек.
Директор болуп бакыйган,
Башкардың элди жетелеп.

## БЕЙИШТИН БАКЧАСЫНДА

*(Бир тууган инилериме)*

Сен жалын, жанып турган биликтеги,
Жандуйнөң ачык асман бийиктеги.
Жараткан өзү жалгап жаратканбы,
Жалпыга үлгү кылып иним сени!

Мен инсан бир бактылуу, агаң сени,
Ар убак ырларыма жазам сени.
Сугарып дил багыңды адалдыкка,
Мөмөсүн элдик кылып алам сени.

Бир ууч бул өмүрдүн бардыр чеги,
Болбосо экен бир бирине адам кеги.
Жалбарып Жаратканга жашап өтсө,
Бейиштин бакчасында барар жери.

## ЫРЫСКЫГА ТОЛУП ТУРСУН БАГЫБЫЗ!

Акыл-эсти жыялычы жалпыбыз,
Артта күндөр арман болуп калбасын.
Ар бириңдин жүрөгүңөр талпынып,
Мекен үчүн согуп турсун, талбасын.

Алыс кетсин атагыбыз, даңкыбыз,
Аман болсун мында түмөн калкыбыз.
Өнүп-өссүн, Мекенибиз гүлдөсүн,
Өз элиңде эмгектенип жалпыбыз.

Ачык болсун ар бир аткан таңыбыз,
Арбын болсун ар бир үйдө даныбыз.
Ыркырашпай ынтымакта биз жашап,
Ырыскыга толуп турсун багыбыз!

## ТУУЛГАН КҮНҮҢҮЗ КУТ БОЛСУН!

*(Сыдыкова Бурулкан Кандарбековнага)*

Туулган күнүң кут болсун,
Тууруңа бакыт куш консун.
Таалайлуу жашап бир өмүр,
Жүзүңө жаркын нур толсун.

Бакубат болсун өмүрүң,
Бакытка толсун көңүлүң.
Жолдошуң, турмуш шеригиң,
Баатыры болсун өзүңүн.

Ай болгун түндү жарыткан,
Күн болгун жанды жылыткан.
Ачык бир болуп маанайың,
Бийик бол жанган жылдыздан.

Баалаган Ата Мекенин,
Даткасы болгун эженин.
Баарын көрүп уул-кыздын,
Баатыры болгун эненин.

Ой-максат, тилек бир экен,
Оргуштап сүйлөөр тил экен.
А бирок каалоо, тилекти,
Айттырган таза дил экен.

## АДАМЗАТ АЙ!

Тагдырдын табышмактуу сырдуу түрүн,
Туш кылган туурубузга кырдуу жүгүн.
Көтөрүп биз келебиз адамзат ай,
Кээде жыргал, кээде азап ар бир күнүн.

Кээде жай, кээде шоокум шамал согот,
Көк бетин кара каптап булут тосот.
Кең дүйнө жалганында адамзат ай,
Биз жашап келатабыз болуп конок!

## СОЛКУЛДАП ӨМҮР КҮН ӨТТҮ

Өзөн-түз жалпы гүлдөдү,
Өрүктүн сонун гүлдөрү.
Өбүшкөн өткөн түндөгү,
Өмүрдүн кайтпас күндөрү.

Бак-дарак жалпы бүрдөдү,
Бабырап алма гүлдөдү.
Бах чиркин, кайрып болмокпу,
Биз жүргөн айлуу түндөрдү.

Сай-ташта калсаң түнөкпү,
Санаасыз жүрөк жүрөкпү.
Санаага батып саргайып
Санаксыз нечен түн өттү.

Сулуудан сулуу чүрөкпү,
Суусундан сонун мүрөкпү.
Саамга турбай сыбызгып,
Солкулдап өмүр күн өттү.

## ЭЖЕКЕЛЕР

Кагылайын мен силерден, эжекелер,
Билим кенчи түгөнбөгөн берекелер.
Даярдаган чоң сапарга келечекти,
Силер менин эч эсимен кетпедиңер.

Аялсыңар, энесиңер, улуусуңар,
Ажарыңар ай нурундай сулуусуңар.
Арууликка согуп дайым жүрөгүңөр,
Мөлтүр булак, жанга дабаа тунуксуңар.

Кош калгыла, эжекелер,кош калгыла,
Келечекке байырлуу жол салгыла.
Ак эмгегиң актайбыз уул-кызың,
Жакшылыкка ар убак ой салгыла!

## ЭМГЕГИҢ ЭЛДЕ ДАҢКТАЛЫП

*(Хирург Темир Саякбаевге)*

Жарашат жумшак күлгөнүң,
Ак халат кийип жүргөнүң.
Сестра кызды бачым – деп
Жумушка дилден күйгөнүң.

Улап бир элдин көңүлүн,
Узартып адам өмүрүн.
Уйкусуз иштеп жүрөсүң,
Алмашып нечен күнгө-түн.

Акылдан күчтүү бөксөрбөй,
Ак жолдон тайып өзгөрбөй.
Аман жүр дайым, Темике,
Алтындай колуң дарт көрбөй.

Улуу бир элден бата алып,
Улуу бир инсан аталып.
Аман жүр дайым, Темике,
Эмгегиң элде даңкталып!

## КЫШ МЕЗГИЛИ

Кези менен мезгилдер да өзгөрүп,
Кыш мезгили келди бербей өнөгүн.
Ак мамыктай ак кар жерге төшөлүп,
Актан кийди Жер эне да көйнөгүн.

Кышкы суук кыйыктанып ызгырат,
Кышта дагы кереметтүү сыр турат.
Карды карап, ойго батып тунжурап,
Күтүп кимди терезеде кыз турат.

Кар атышып кылыктанса кыз балдар,
Коньки-чана сүйрөп жүрөт топ балдар.
Кардан жасап Аяз ата келбетин,
Кумар кана ойноп-күлөт жаш балдар.

Калың булут тоссо кайдан күн чыгат,
Кар болбосо кайдан булак суу чыгат.
Кыштын кары, жаз жамгыры болбосо,
Кайдан кооз болмок эле табигат!

## МАХАБАТ

Айталбай арман сырымды,
Жазалбай ичте бугумду.
Азабын тартып жүрөмүн,
Махабат деген кургурду.

Сабалап сабы сынбаган,
Сыноосу күчтүү махабат.
Жазылып нечен ыр дастан,
Жылоосу күчтүү махабат.

Көзүңдөн жашын агызган,
Ууртуңдан күлкү тамызган.
Жыпары сүйкүм махабат,
Жыттасаң жанды жыргаткан.

Ыр жаздым ага нечендеп,
Ыргагын сөздүн белендеп.
Ыйык бир сезим махабат,
Ырдалып жүрсө экен – деп.

## КЛАССТАШТАР

Бирге окуган, бир бүткөн,
Класссташтар бир жүргөн.
Балалык кез бактылуу
Барат алыс биз сүйгөн.

Бүгүн мына тарайбыз,
Кош айтышып туш-тушка.
Билим улап кээ бири,
Бири аттанып жумушка.

Бирге окуган, бир жүргөн,
Бул күндөрдү самайбыз.
Келечекте Мекендин,
Керегине жарайбыз.

Жакын барсам наз кылган,
Жыпар жыты мас кылган.
Сулуу кыздар классташ,
Жандүйнөмдү шат кылган.

Келди кез да карачы,
Сени менден жат кылган!
Кош болгула классташтар, курбулар,
Жандүйнөмдү жаз кылган!

Бирге окуган, бир жүргөн,
Классташтар бир бүткөн.
Кимиң кайда жүрбөгүн,
Мекенчил бол эл сүйгөн,
Эже-агайлар кубансын,
Эмгегинен ал күткөн!

## КЫЯЛДЫН КЕМЕСИНДЕ ЖҮРӨМ КЕЗИП

Санаалар санга кетип, дүйнө кезип,
Уйку жок көздөрүмдө, түнду кечип.
Кыялдын кемесинде сүзүп жүрөм,
Кандайдыр көөдөнүмдө күчтү сезип.

Кадамым бут жетпеген жайга жетип,
Космонавт учкуч болуп айга жетип.
Кыялдын кемесинде сүзүп жүрөм,
Кара көз, кара каштуу жанга жетип.

Көк шибер, гүл жайнаган жайга жетип,
Керемет, көз кубанткан таңга жетип,
Кыялдын кемесинде сүзүп жүрөм,
Кападан алыс кетип, шаңга жетип.

Койсо деп күнөөлөрүн Кудай кечип,
Ар бир жан акыретке бараарында.
Кыялдын кемесинде жүрөм кезип,
Бактылуу өмүр тилеп ар бир жанга.

## АПАКЕМ

Эстесем асыл апам эми өзүңдү,
Мээрим төгүп эркелеткен сөзүңдү.
Сабыр кетип, сагынганым сеземин,
Жаш кылгырып нымдаганда көзүмдү.

Неге мынча эрте бүттүң өмүрдү,
Бош калтырып, жайнап турчу төрүмдү.
Кирип келсем, күтүп алчу өзүң жок
Өзүм өскөн үй да өңсүз көрүндү.

Үйдүн куту, берекеси сен элең,
Кол жетпеген ай асманга тең элең,
Акылманым, кадырманым апакем,
Он сегиз миң аалам сымак кең элең!

Кээде туруп кейип кетем Теңирге,
Кара жериң тойдубу деп дегеле.
Кадырыңа жете албаган балдарың,
Күнөөкөр деп калтырамын жемеге.

## ЖАНЫМ СЫЗДАП...

Көөдөнү кара көөдөй караларга,
Күйбөгөн өз элине арамдарга,
Мен жаздым ушул ырды жаным сыздап,
Кайдыгер, кара өзгөйлүү адамдарга.

Өз элин, өзгөлөргө алмашканга,
Өз жерин көр дүнүйөгө саткандарга.
Мен жаздым ушул ырды жаным сыздап,
Эл калып, көмөчкө күл тарткандарга.

Жалаңкыч, жанын жеген жалгандарга,
Бүтүндү бириктирбей жаргандарга.
Мен жаздым ушул ырды жаным сыздап,
Сезими жок, боорлору каткандарга.

Бөлүнүп бир канчага, бир айылда,
Биз бүгүн баратабыз деги кайда?
Алтындай ак сакалдуу, кадыр-барктуу,
Калыстык, акыл сөзүн берер кайда?!

7–818

## КЛАССТАШЫМ

Бирге окуган бир кезде класссташым,
Балалык кез сезимде ынакташым.
Ай бөлуп сен көктөгү көл жетпеген,
Азыр сен менден канча ыраактасың.

Убакыт учкан куштай өтүп бачым,
Улгайып бубак басты кара чачым.
Сейректеп калгандыр гө сенин дагы,
Кырк кылып, өрүп жүрчү калың чачың.

Жүз карап, арт жагымды кылчактадым,
Күйдүрөт жаштыгымды узатканым.
А бирок бирге окуган сени менен,
Күндөрду класссташым, ызааттадым!

Аздектеп бирге окуган күндөрүмдү,
Дале эстеп шыңгыр үнүң, күлгөнүңдү.
Мен угуп класссташым кубанамын,
Сен анда аман-эсен жүргөнүңдү!

## СЕЗИПМИН

Улгайганда сезипмин жаш кадырын,
Ооруганда сезипмин жан кадырын.
Мен онтосом кошо өнтөгон жанымда,
Ак никелүү сүйгөн жардын кадырын.

Алыс жерден сезипмин жер кадырын,
Бирге өскөн, бир жүргөн тең кадырын.
Менин жөлөк-тирегим ар убакта,
Ак калпактуу кымбатым, эл кадырын.

Өзгө элден сезипмин өз кадырын,
Өрттөнгөндө сезипмин бөз кадырын.
Бөтөн тилде сүйлөшүп, өз тил калып,
Бөксөргөндө сезипмин сөз кадырын!

## АЙ ЭКЕН

*(Арзыкул ажы абамдын 90 жылдык маарекесине карата)*

Эл башкарып, болуш болуп өттүңүз,
Эмгек менен толуп турат көркүңүз.
Ар-намысты коргоп, жанды аябай,
Канча кандуу согуштарды көрдүңүз!

Үлгү болуп келечек муунга,
Эр жигитке, артыңызда уулга.
Эл сыйлаган ардагерсиз, баатырсыз,
Эмгегиңиз толуп бүгүн купулга!

Биздин айыл баатырларга бай экен
Жигиттери, ак эмгекке шай экен.
Жарык нурун чачып турган жүзүңүз,
Төбөбүздө жанып турган ай экен!

## КУДАЙ КАДЫР

Өлүм ак ар бир жанда, ар бир башта,
Жан аманат бул жалганда, жыргалда.
Кудуреттүү жалгыз Кудай бир билет,
Берген жанды кантип алат же кайда?

Кала электе өмүр таттуу түгөнүп,
Бара электе чын дүйнөгө түбөлүк.
Азгырылбай жыргалына жалгандын,
Намаз окуп, Жаратканды сүйөлүк.

Жамандардан тепселенген жер катып,
Жамандыктын баткагына бел батып.
Жүргөндөр көп акыретин ойлобой,
Адам деген чымыр дене, бет катып.

Тообо кылып, өткөн ишке, кеткенге,
Шүгүр айтып жегенге да, ичкенге.
Сыйыналы, биз Кудайга жалбарып,
Кудай кадыр күнөөлөрдү кечкенге!

## КУРУ КЕПЕН

Билбедим башым кайда катаарымды,
Билбедим бейпил качан жатаарымды.
Өз ара канын төгүп жаткан элим,
Кимиң туура, кимиң бөөдө басканыңды.

А бирок айтам бүгүн арманымды,
Алсырап улам кыргыз жатканыңды.
Курманы мансапкөйдүн өзүң болуп,
Кырчын жаш бөөдө кырсык тапканыңды.

Эр болуп өз элиңди атканыңды,
Эл эмес, түпкү максат жалганыңды.
Эл үчүн жан ширеген киши болуп,
Сахнада роль аткарып жатканыңды.

Керт башың бийик беле улуу элден,
Ала-Тоо көк тиреген куттуу жерден.
Кусуру улуу элдин, куттуу жердин,
Курутуп өзүң калба, куру кепен!

## МУЗОО БАШТАР...

Анык да, кыргыз жаны кыйылганы,
Арыкта кызыл каны агылганы.
Айкөл эл, ишенчээгим кыргыздарым,
Бөорунда боору таштын багылганы.

Кол сунуп, койнуңду ачтың бөлөк жанга,
Койнунда котур таштуу музоо башка.
Жер бердиң үлүшүнө, турак жайга,
А байкуш кыргызыма тоогө-ташка.

Азаптуу арыгынан суусу акпай,
Алсырап өз жеринен жумуш таппай.
Жүргөндө бөтөн элде кыргыздарым,
Музоо баштар семирди бойгө батпай.

## ТАБИГАТТЫН ААЛАМЫНА

Атышып арка-кулжа жеген кимдер,
Напсисин өзгө жандан терген кимдер.
Кол салып табигаттын ааламына,
Кырлардан ылдый түшүп келген кимдер.

Кол салып табигаттын ааламына,
Арчаны көк тиреген кыйган кимдер.
Ок атып көк мелжиген асманына,
Улар-куш канаттарын кырккан кимдер.

Онтогон жан коштошуп эми кимдер,
Тойбогон ач көздөрдүн жеми кимдер.
Кол салган Кудай берген табигатка,
Коркпогон каракчылар деги кимдер?

## КУДАЛАР

Баарына бирдей менин дубаларым,
Бар бол деп күндө тилейм кудаларым.
Кудалык сиздер менен насип кылып,
Калганга мен тагдырга кубанамын.

Дилиңер таңдай жарык, тунук аткан,
Тилиңер таттуу белем нават, канттан.
«Кудалар кудай кошкон түбөлүктүү»,
Калкымда накыл сөз бар келе жаткан.

Ар убак ачык мүнөз сыр катпаган,
Арабыз жакын болсун кыл батпаган.
Кара көз, кара каштуу кудагыйлар,
Силер да сулуусуңар гүл жыттанган.

Баарыңа бирдей менин дубаларым,
Бар бол деп күндө тилейм кудаларым.
Сиздердей кишилерге тууган болуп,
Калганга мен тагдырга кубанамын.

## БАЛЫКЧЫЛАР

Бишкек – Оштун жолунда,
Нарын дарыя боюнда.
Балыкчылар жүрүшөт,
Ысык, суук, тоңунда.

Мажит, Шухрат, Миталип,
Балык ууга күн барып.
Күндө кыял, оюнда,
Кармасам дейт чоң балык.

Үчөө шашпай келишип,
Сөөлжанды теришип.
Балык ууга камданат,
Мүдөөсүнө жетишип.

Балыкчынын башы көп,
Ыргытканга ташы көп.
Ага, ини бир тууган,
Аксакалы, жашы көп.

Абдувахап агасы,
Абдуманап иниси.
Ээрчип алган барам – деп,
Ага, жээн, кайниси.

Балыкчылар келди – деп,
Балык «Форель» безилдейт.
Качаарга жай табалбай,
Маринкасы жер издейт.

Суу астында түр балык,
Же айталбайт үн салып.
Тынчтык бергин бизге – дейт,
Жок дегенде күн чалып!

Адамбыз го, адамбыз,
Биз ушундай балбанбыз.
Тили жокту демиткен,
Кээде катаал тажаалбыз!

## НЕГЕ ДЕГИ

«Жаралдык биз ааламга неге деги?»
Мазасыз кылат суроо кээде мени.
Жараткан кечире көр. Эгем сени,
Таанызбай кеткен кезде пенделерди.

Ичер суу, ырыскыбыз түгөөр бир күн,
Бул жалган дүйнөбүздө кооз, түркүн.
Барарбыз акыретке, кимдер кандай,
Амалдуу же амалсыз башта түшкүн.

Анда бар жаның жыргаар бейиши да,
Тозогу, жанды кыйнаар кейиши да.
Аткарган амалыбыз, буйруганы,
Ал эки айры жолдун тийиши да.

## БУЙРУСА КАЙРА КЕЛЭЭРМИН

Кетээр бир кезде көрүнүп,
Кайгыга салдың жанымды.
Кайгырса жаным сөгүлүп,
Кимге айтамын дартымды.

Карылык алып кезегин,
Кашайган кезде көрүндүң.
Курч мүнөзүм, алп күчүм,
Азайган кезде көрүндүң.

Кара чачым, көз тунган,
Агарган кезде көрүндүң.
Эми эле жүрөк азаптан,
Арылган кезде көрүндүң.

Азапка салдым жүрөктү,
Айынан сендей чүрөктү.
Арга барбы сүйүүгө,
Азапта жүрүп күн өттү!

Капкара эки көзүңдү,
Сагынып алыс кетээрмин.
Кадырлап сүйгөн көңүлдү,
Буйруса кайра келээрмин.

## БАЗАР-КОРГОН

Базар-Коргон баягы,
Тентек сайдын аягы.
Көп улуттуу эл жашайт,
Кыргыз, өзбек чарбагы.

Түштүк жагы түз экен,
Пахта, буудай көп экен.
Баатырлар чыккан аялдан,
Аялзат кимден кем экен.

Түндүк жагы тоо экен,
Жаңгак, мисте мол экен.
Арсланбаб-Ата жер кенен,
Табигаты кооз экен!

## АКЧА

Кадырың тоодой бийик акча сени,
Кадырлап капка салат ач көз сени.
Кой деген кадырманы ата-энесин,
Ташталып жерде калат алтын кеби.

Алдыңда караманча кадыры жок,
Акылман кишилердин акчасы жок.
Ач көздүн ойлогону жалгыз өзүң,
Ааламда сенден бөлөк башкасы жок.

Арбалып бир кагаздан жаралгансың,
А балким, арам жолдон табылгансың.
А бирок кадырынан адамзаттын,
Ач көзгө бийик сенин кадыр-баркың.

Бир тууган боордошту бөлүп-жарган,
Жоготуп жүрөк мээрин төгүп салган.
Бийлеген каалаганча адам эркин,
Деги сен жаралгансың акча кайдан.

## КУДАЙГА АЙТАМ ШҮГҮРДҮ

*(Сере жайлоосуна)*

Аралап өскөн чөбүндө,
Чабактап Сере көлүндө.
Биз жүргөн күндөр эсимде,
Көк шибер жайлоо төрүндө.

Башаты бийик булактан,
Башкача мөлтүр суу аккан.
Шар аккан суунун шыңгыры,
Алиге кетпейт кулактан.

Арчалар өскөн бой керип,
Ай асман көккө теңелип.
Абасы таза башкача,
Жутпасаң арман бир келип.

Көк жирейт улар, бүркүтү,
Коңур үн, жандын түркүнү.
Караган көздү тунарткан,
Табигат көрктүү кубанткан,
Ушунун баары биз үчүн,
Кудайга айтам шүгүрдү!

## САБЫРДЫН ТҮБҮ САРЫ АЛТЫН

Жаралган жандын үлгүсү,
Ариет-намыс күзгүсү.
Алтыным, кызым асылым,
Жанында дайым күлкүсү.

Жайдары мүнөз ал кызым,
Сүйлөсө шекер, бал кызым.
Жараткан берип бактыңды,
Сүйүүдөн бакыт тап кызым.

Жанында жанган чырактай,
Шар аккан тунук булактай.
Жараткан берген балдарың,
Секирип, эгиз улактай.

Бар болсун ошол кожолор,
Бактың да сенин ошолор.
Сабырдын асты сары алтын,
Бөксөлөр эстен оңолор!

Жанында дайым ата-энең,
Жанар бир тоодой берекең,
Жалбарып жалгыз Кудайга,
Жайылтат жашын энекең.
Күндөбү, кечте, таң эртең,
Амандык тилейт атакең.

8–818

## УРПАГЫМДЫ УЛААРЫМ

Балдарыма өмүр бергин Кудайым,
Бакыт бергин, мен зарылып сурайын.
Баарынан да ден соолугун алардын,
Бир өзүңдүн амириң деп турайын.

Балдарыма абийир бергин Кудайым,
Бер аларга нысап-ыйман ылайым.
Баарынан да ынтымак бер аларга,
Бир өзүңдөн Жаратканым сураарым.

Балдарыма күч-кубат бер Кудайым,
Бир кереги тийсин элге ылайым.
Баарынан да акыл-эс бер аларга
Алар менин урпагымды улаарым!

## БАЛА БОЛСО

Баар тапкан эл ичинен, жакындан,
Бала болсо эр жүрөктүү акылман.
Бааласа эгер өскөн жерин, Мекенин,
Ал сыймыгы ата-эненин кадырман!

Ак эмгеги ата-эненин акталып,
Ыйман өссө көкүрөктөн от алып.
Кызмат кылып кыргызыма түбөлүк,
Кырдан өтсө, кыйындыкта жол табып!

Эр Манастай бекем болсо мүнөзү,
Эл-жер үчүн эмгектенсе бир өзү.
Ата-эненин сыймыгы го, балаңдын,
Мекеним – деп, согуп турса жүрөгү!

## КҮТҮҮ

Күлүп сен кирип келсең неберем,
Көңүлүм сергий түшүп жеңилденем.
Жандүйнөм арый түшөт санаалардан,
Күтүүдөн чыдам кетип дирилдеген.

Тиктесем карегиме илинбеген,
Алыскы Аксыдасың «Кербен» деген.
Сагыныч кыйнап барат улам терең,
Үнүңдү уккан сайын келем деген.

Күтөм күндө неберемди күн санап,
Келээр жактан көзүм үзбөй жол карап.
Түшүнсө экен күйөө бала, кудалар,
Күтүү жаман, ата-энеге бул азап!

## НООКЕНИМ

Ноокеним – улуу аймак эзелтеден,
Ишке шай чын эмгекчил эли менен.
Шар аккан суу булагы коктусунан,
Адыр, токой, тоолору түзү менен.

Ноокеним – сыймыктанам сени менен,
Бир тууган көп улуттуу элим менен.
Бардыгына тең ырыскы чачып турган,
Баатыр эне байыркы жерим менен.

Ноокеним – сен элимдин деми белең,
Кубатына улам кубат кошуп берген.
Дыйканына эмгекчил тузун берип,
Чарбадарга чиренген тоосун берген.

Өстүрүп мөмө-жемиш, пахталарын,
Наам алган өз эмгеги тери менен.
Өркүндөп өсө берсин кадыр-баркын,
Ноокеним – баатырлардын Мекени сен!

## ӨМҮРЛӨШҮМӨ

Эр ортону элүү жаштан аштыкпы,
Эчен кыйын турмуш жолун бастыкпы.
Тандап алган жарым менен биз бирге,
Махабаттын жыргалына баттыкпы?

Тең тартышып арабаны, көчтүкпү,
Татаал тагдыр сыноосунан өттүкпү.
Өмүрлөшүм, өзүң менен кошулуп,
Теңир чийген тагдырларга көндүкпү.

Өмүр орто, жаш жарымдап калса да,
Так баягы он сегизде куралтай,
Сүйүүбүздү эскиртпестен жүрдүкпү?
Каректери жанып турган чырактай,
Кудай берген торт перзентти сүйдүкпү?
Келме кезек, эми балдар үзүрүн,
Жакшылыгын, келечектен күттүкпү?

## ЧОҢ-БАГЫШ

Ала-Тоо кыргыз жер менен,
Ак калпак кыргыз эл менен.
Айылым өскөн «Чоң-Багыш»,
Жан дилим бирге сен менен.

Түштүктүн жылуу жеринен,
Шар аккан суунун жээгинен.
Жай алган жерим «Чоң-Багыш»,
«Чоң-Багыш» уруу тегинен.

Ак дилдүү дыйкан эл экен,
Ак алтын пахта көп экен.
Бааланып адал эмгектен,
Баатырлар чыккан жер экен.

* * *

Айылым өскөн жерим, жери кенен,
Ар убак сыймыктанам сени менен.
Өркүндөп өсө бергин өрүш керип,
Эмгектин сересине жетип терең!

## КЫРГЫЗДАР

Ар бириң бийик көтөр кыргыз Туусун,
Ар-намыс кыргыз үчүн бийик турсун.
Андыктан алкым үчүн жер карабай,
Кыргыздар жаркын төшүн керип турсун!

Жөлөк бол, Мекен үчүн иштегенге,
Сүлүктөй кыргыз канын ичпегенге.
Кадырлап элим турса баатырларын,
Күлүктөй чаап жетер айткан ченге.

## КЫРГЫЗ ТИЛИМ

Кыргыз тилим – менин тилим,
Мен өзүңдөн алам билим.
Өзгө тилди алыс коюп,
Өзүң менен калат дилим.

Кыргыз тилим – менин дилим,
Сени менен жаным бүтүн.
Кылымдарды карытып,
Кыргыз тилим,
Улуу тилим жашайт бүгүн!

## САГЫНУУ

Сагындым ата-энемди, туугандарды,
Сагындым ага-ини, бир тууганды.
Сагындым үч кара көз карындашты,
Сагындым жандан бүткөн асылдарды,
Сагындым асыл жарды, санаалашты.

Сагындым, санап берсем айылдашты,
Салабаттуу карыларды жана жашты.
Сагындым досторумду ою жакшы,
Сагындым аяштарды өзү жакшы,
Сагындым өзүм өскөн айыл жакты.

## ЖҮР, МЕКТЕПКЕ БАРАЛЫ

Теңсиз адам ынагы,
Чексиз билим булагы.
Жандүйнөңдү жарыткан,
Мектеп дилдин чырагы.

Билим адам кубаты,
Илим өсөр канаты.
Окуу, окуу жана окуу,
Акылмандын санаты.

Сабак берип тарыхтан,
Мекен жөнүн тааныткан.
Улуу жолго даярдап,
Мектеп бизди камынткан.

Жүр, мектепке баралы,
Окуп билим алалы.
Билим алып элимдин,
Жерин абат кылалы.

Эже, агайды сыйлайлы,
Эргип сөзүн тыңдайлы.
Келечекке кам жеген,
Алар улуу турбайбы!

## НУРАЙЫМ

Алтыным, кызым Нурайым,
Ааламда жалгыз бир айым.
Жалбарып жалгыз Кудайга,
Амандык сага сураймын.

Неберем, кызым Нурайым,
Колуң гүл чебер уз болгун.
Бактыңды берип Кудайым,
Биз сүйгөн эрке кыз болгун.

Суйкайган сулуу кыз болгун,
Суктансын элим тың болгун.
Сыймыгы болуп элиңдин,
Ыйманы бийик кыз болгун!

## КАРА-ШОРО

Алыстан угуп атыңды,
Булак суу, шоро дарыңды.
Атайын келдим ичүүгө,
Ээрчитип досум жакынды.

Кара шоро, кенен жайлоо төрүңдү,
Көк тиреген тоолоруңду, өзүңдү.
Келдим эңсеп бир көрүүгө атайын,
Кудай берген табигаты, көркүңдү.

Ак мөңгүнүн суулары шар кулпунуп,
Сайларыңда агып жатат туптунук.
Тоо астынан чыккан дары, суусундук.
Таң калтырат адамзатын бир туруп.

Тоо боорунда толгон-токой арчалар,
Сай жээгинде кайың дарак, бакчалар,
Саамал кымыз ичкиле – деп коноктор,
Жылкычыдан күндө келет ат чабар!

## ЫНТЫМАК

Ынтымагы бар элге,
Ырыскы келип конот – дейт.
Ыркырашкан бул элге,
Ырыскы кайдан жолойт – дейт.

Ынтымагы бар жерде,
Кырман нанга толот – дейт.
Ый ордуна үй ичи,
Ырга-шаңга толот – дейт.

## АЗЫР ДА ЭҢСЕП МЕН ЖҮРӨМ

Аралап багын гүлдөрдү,
Ардагым бирге жүргөндү.
Азыр да эңсеп мен жүрөм,
Айлуу түн, өткөн күндөрдү.

Алтын кез кумар түндөрдү,
Ажарлуу сонун күндөрдү.
Азыр да эңсеп мен жүрөм,
Асыл кез анда бүткөндү.

Аңдабай бачым күн өттү,
Арманым ичте жүдөттү.
Азыр да эңсеп мен жүрөм,
Анда биз күткөн түнөктү.

Алтыным сүйгөн чүрөктү,
Арзыгып жүрүп күн өттү.
Азабын тартып сүйүүнүн,
Уйкусуз нечен түн өттү!

## АВТОР ТУУРАЛУУ

*Поэзия дүйнөсү өтө кызык жана сырдуу. Анын айдыңына өтө эрте кабылып, анда түбөлүккө калып калгандар бар. Бирок Нуралы бул ыр дүйнөсүнө кечигибирээк келди. Бул да тагдыр.*

*Лирика жана чарба. Бир караганда бул эки нерсе бири-бирине коошпойт. Бирок айыл чарбасында иштеп, маңдай тер агызып, ак эмгектен баар тапкан жигит... Туулган жердин топурагы менен чөбүн, шамалы менен суусун, шаңкайган тоолорун сүйүп өстү. Аны жат көздөн сактап, көзөмөл болгусу келет. Жүрөгүнүн бир бурчунда жашаган мындай махабат акыры аны колуна калем алганга мажбур кылды.*

*Нуралы Жалал-Абаддагы Ноокен районуна караштуу, Сакалды айыл өкмөтүндө, Чоң-Багыш айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. № 25 мурдагы Куйбышев атындагы орто мектепти бүтүргөн. Жашынан эле техникага кызыккан улан ДОСААФтан окуп, айдоочу кесибин алат. Андан соң Советтик Армиянын катарына алынып, чет өлкөдө, Венгрияда кызматын өтөп, милдетин аткарып келет.*

*Кайрадан билимин тереңдетүүнү чечкен Нуралы 1979–1982-жылдары Ош шаарындагы айыл чарба техникумун окуп бүтүрүп, адистикке ээ болот. Ошол эле жылы «Сакалды» айыл чарба техникасында технолог болуп эмгектене баштайт. Андан соң «Чоң-Багыш» Акционердик коомунда айыл чарба жана транспорт механиги ж.б. иштерди аркалайт. Ал эми өлкөбүз эгемендик алгандан кийин 1996–2011-жылдар аралыгында Базаркул Култаев атындагы дыйкан чарбасын уюштуруп, ага жетекчи болуп эмгектенүүдө.*

*Нуралы Абдырахмановго Жараткан үй-бүлөлүк таалайды да мол бериптир. Алган жары менен эки кыз, эки уулдун жана неберелери менен бакубат жашап келишүүдө.*

*Токсонунчу жылдардын башынан ыр дүйнөгө кадам таштап, ырлары облустук, райондук газеталарга жарыяланууда.*

*Урматтуу окурман, колуңуздагы китеп автордун алгачкы саамалыгы. Окуп, ой бөлүшүңүз.*

## МАЗМУНУ

*М. Мамазаирова.* Жолуң байсалдуу болсун! .................... 3
Алла бардыр .................... 5
Кызыл тыштуу китепке .................... 6
Жаз мезгили .................... 7
Кыргыз жерим .................... 8
Сыймыктанам жазганыма .................... 9
Бүтүндүгүн кыргыз элим сактаса .................... 10
Күлкүң жылуу .................... 11
Сага арнайм .................... 12
Кыргыз Туусу .................... 13
Ысык-Көл .................... 14
Аялзаты .................... 15
Бир дарыябыз шар аккан .................... 16
Ак селки .................... 17
Жаңы жыл .................... 18
Өнүп-өссүн, Мекенибиз гүлдөсүн .................... 19
Сүйүп турса .................... 20
Жүрөк өкүм .................... 21
Жаз жамгыры .................... 22
Дос күтүү .................... 23
Мен өзүңө .................... 24
Көзү нымдуу, өзү муңдуу энеке .................... 25
Коргогун, кыргыз элимди .................... 26
Жетилип, өсө берсин сезимдериң .................... 27
Жүрөгүм дале жаш турат .................... 28
Теңир берсе .................... 29
Бетиңдеги сепкилин .................... 31
Тагдыр .................... 32
Мезгил .................... 33
Атакем .................... 34
Апакем .................... 35
Ата-эненин тилеги .................... 36
Бакыт кушум .................... 37
Тумар болуп .................... 38
Неге мынча тарып кетти пейилдер .................... 39
Алла жалгыз .................... 40
Ач көзүңдү! .................... 41

Жылдыздардай ........................................ 42
Айкөлдүк – Кыргыз символу ........................................ 43
Кайрылып койсоң болбойбу ........................................ 44
Ашууну өткөн сагынам ........................................ 45
Өмүр ........................................ 46
Ардагым ........................................ 47
Ыр жазамын ........................................ 48
Сүйбөсөң да баалагын ........................................ 49
Сары-Челек ........................................ 50
Бир өзүңө ........................................ 51
Акыл менен, эс менен ........................................ 52
Канат күүлөп ........................................ 53
Толтурбайт белең көңүлдү ........................................ 54
Алмашпаймын ........................................ 55
Сени менен ........................................ 56
Неберем Бегзатка ........................................ 57
Кызым Гүлсүнайга ........................................ 58
Көңүлүмдүн канышасы ........................................ 59
Сенсиң менин жалгыз сүйүүм! ........................................ 60
Аракеч кылып албайлы ........................................ 61
Адамсөрөй ........................................ 63
Эстеп жүр ........................................ 64
Даткайым ........................................ 65
Өмүр кемеси ........................................ 66
Үмүт – чырак ........................................ 67
Ата-эненин сагынычы ........................................ 68
Балдарыма тамаша ыр ........................................ 69
Ата-эне ........................................ 70
Ырлар калды ........................................ 71
Апакем ........................................ 72
Арсланбаб ........................................ 73
Ала-Тоо – кыргыз Мекеним ........................................ 74
Ал сулуу өзү ким деги? ........................................ 75
Балалыктын сонун эле демдери ........................................ 76
Асыл жарым ........................................ 77
Айтып жүрөм ........................................ 78
Абайла кыргыз, абайла ........................................ 79
Аябадык ........................................ 80
Алакан жайсам албайсың ........................................ 81
Кыял ........................................ 82
Директор кыз ........................................ 83
Бейиштин бакчасында ........................................ 84

Ырыскыга толуп турсун багыбыз! .................................. 85
Туулган күнүңүз кут болсун! .................................. 86
Адамзат ай! .................................. 87
Солкулдап өмүр күн өттү .................................. 88
Эжекелер .................................. 89
Эмгегиң элде данкталып .................................. 90
Кыш мезгили .................................. 91
Махабат .................................. 92
Классташтар .................................. 93
Кыялдын кемесинде жүрөм кезип .................................. 94
Апакем .................................. 95
Жаным сыздап... .................................. 96
Класссташым .................................. 97
Сезипмин .................................. 98
Ай экен .................................. 99
Кудай кадыр .................................. 100
Куру кепен .................................. 101
Музоо баштар... .................................. 102
Табигаттын ааламына .................................. 103
Кудалар .................................. 104
Балыкчылар .................................. 105
Неге деги .................................. 107
Буйруса, кайра келээрмин .................................. 108
Базар-Коргон .................................. 109
Акча .................................. 110
Кудайга айтам шүгүрдү .................................. 111
Сабырдын түбү сары алтын .................................. 112
Урпагымды улаарым .................................. 113
Бала болсо .................................. 114
Күтүү .................................. 115
Ноокеним .................................. 116
Өмүрлөшүмө .................................. 117
Чоң-Багыш .................................. 118
Кыргыздар .................................. 119
Кыргыз тилим .................................. 120
Сагынуу .................................. 121
Жүр, мектепке баралы .................................. 122
Нурайым .................................. 123
Кара-Шоро .................................. 124
Ынтымак .................................. 125
Азыр да эңсеп мен жүрөм .................................. 126

*Көркөм-адабий басылма*

**АБДЫРАХМАНОВ НУРАЛЫ**

# ЖАЗ МЕЗГИЛИ

*Ырлар*

Бишкек, «Турар» басмасы

*Кыргыз тилинде*

Редактору *Ж. Теңирбергенова*
Дизайнери *Р. Төлөбеков*
Компьютерде калыпка салган *Р. Терибаева*

Басууга 17.01.2012-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 84x108 $^1/_{32}$.
Көлөмү 8,25 басма табак. Заказ № 818. Нускасы 500 даана.

---

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., М. Горький көчөсү, 1